ЖОГОРКУ КЕҢЕШ

# Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин сессия мезгилиндеги иши жөнүндө отчет

**(2023-жылдын сентябры – 2024-жылдын июну)**



# Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин сессия мезгилиндеги иши жөнүндө отчет

(2023-жылдын сентябры – 2024-жылдын июну)

УДК 328
ББК 67.400.62
К 97

К 97 Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин сессия мезгилиндеги иши жөнүндө отчет: 2023-2024. - Б.: 2024. - 80 б.

ISBN 978-9967-9570-1-5

ISBN 978-9967-9570-1-5

УДК 328
ББК 67.400.62

## МАЗМУНУ

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин
Төрагасы Нурланбек Шакиевдин кириш сөзү ..... 6
Жогорку Кеңештин фракциялары/депутаттык топтору/депутаттары* ..... 8
Жогорку Кеңештин комитеттери ..... 10
Жогорку Кеңештин убактылуу депутаттык комиссиялары ..... 12
Депутаттар жөнүндө маалымат ..... 14
Жогорку Кеңештин ишинин жыйынтыктары тууралуу маалымат ..... 16
Мыйзам долбоорлорун кароонун жүрүшү жөнүндө маалымат ..... 18
Жогорку Кеңештин токтомдору тууралуу маалымат ..... 19
Жарандардын Жогорку Кеңешке кайрылуулары ..... 20
Жогорку Кеңештин Төрагасына кайрылуулар ..... 21
Фракциялардын/депутаттык топтордун жыйналыштары ..... 22
Фракциялар/депутаттык топтор/депутаттар* тарабынан өткөрүлгөн иш-чаралар ..... 22
Жарандардын фракцияларга/депутаттык топторго/депутаттарга* кайрылуулары ..... 23
Фракциялардын/депутаттык топтордун/депутаттардын* жарандарды кабыл алуусу. 26
Депутаттык суроо-талаптар ..... 28
Комитеттер тарабынан каралган мыйзам долбоорлору ..... 30
Комитеттер тарабынан өткөрүлгөн иш-чаралар ..... 31
Жарандардын комитеттерге кайрылуулары ..... 31
Мыйзамдардын жана токтомдордун аткарылышын контролдоо ..... 34
Протоколдук тапшырмалар боюнча маалымат ..... 35
Коомдук-консультациялык кеңештердин иши ..... 36
Кабыл алынган мыйзамдар жөнүндө кыскача маалымат ..... 40
Жогорку Кеңештин парламенттер аралык кызматташтыгы ..... 70
Жогорку Кеңештин Төрагасынын чет өлкөлүк делегациялар менен жолугушуулары ..... 71
Жогорку Кеңештин парламенттер аралык уюмдар менен кызматташтыгы ..... 71
Жогорку Кеңештин Төрагасынын расмий жана иш сапарлары ..... 72
ЖМКлар менен өз ара аракеттенүү ..... 74
Жогорку Кеңешке экскурсиялар ..... 75
Жогорку Кеңештин сайты ..... 75
Жогорку Кеңеш социалдык тармактарда ..... 75




VII чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 3-сессиясы да ийгиликтүү жыйынтыкталды. Айрыкча бул сессиябыз олуттуу окуялар, маанилүү иш-чаралар менен эсибизде калды. Өткөн жылдын күзүндө Кыргыз парламентинин 85 жылдык маарекеси белгиленип, мыйзам чыгаруу органынын тарыхын, баскан жолун жана келечегин талкуулаган ири иш-чаралар өткөрүлдү. Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигине мүчө өлкөлөрдүн парламент жетекчилеринин катышуусунда чоң конференция уюштурулуп, Жогорку Кеңештин мамлекеттеги эле эмес, эл аралык деңгээлдеги ролу тууралуу кеңири баяндамалар жасалды. Анын ичинде Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигине мүчө өлкөлөрдүн Парламенттер аралык ассамблеясынын алгачкы жыйыны 1992-жылы Бишкек шаарында өткөнүн айта кетпесек болбос. Ошол жыйында уюштуруу иштерине байланышкан бардык негизги чечимдер кабыл алынып, Парламенттик ассамблеянын регламенти бекитилген. Андан туура 31 жылдан кийин кайрадан шериктеш өлкөлөрдүн парламент жетекчилери Бишкекте жолугуп, өнөктөш мамлекеттердин алакасын арттырууга багытталган маанилүү сүйлөшүүлөр жүрдү.

Мындан тышкары, Борбор Азиядагы лидер айымдардын форуму биздин калаада өткөрүлүп, коңшу мамлекеттер менен байланышты чыңдоодо айымдарыбыздын да ролу чоң экени белгиленди.

Эл арасында парламенттин ишине карата ар кандай пикирлер, түрдүү сындар айтылып келе жатканы жашыруун эмес. Кээде бизден депутаттардын ыйгарым укуктарына кирбеген иштерди да талап кылган учурлар болот. Чындыгында эле мамлекеттеги маанилүү маселелердин бардыгы депутаттардын кароосунан өтүп, анын ичинен ар бир мыйзам долбоору парламент тарабынан кабыл алынат. Бирок аларды аткаруу милдети Министрлер Кабинетине жүктөлүп, депутаттар көзөмөлдөйт. Азыр бардык бийлик бутактары бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, бирдиктүү саясат жүргүзүүдөбүз. Өлкөнүн өнүгүшүнө

багытталган демилгелерди дароо колдоого алып, керектүү иштерди ыкчам жана тез жүргүзүү ыкмасына өттүк. Саясий оюндардан алыс болуп, жеке амбицияларыбызды артка калтырып, мамлекеттик кызыкчылык үчүн иштеп жатабыз. Натыйжада бийлик бутактарында туруктуулук орноп, өлкөбүздө ири реформалар ишке ашырылууда.

Албетте, биздин парламентте ойлордун, жүйөлөрдүн жана идеялардын көп түрдүүлүгү адатка айланган. Талкуу маалында түрдүү пикирлер, ар кандай сындар жана сунуштар айтылат. Бирок алардын бардыгы мамлекетти өнүктүрүүгө жана калк турмушун жакшыртууга арналганы анык.

Жыйынтыкталып жаткан сессиябызда жалпы 73 пленардык жыйын өтүп, жалпы 215 мыйзам кабыл алынды. Анын ичинен алгачкы жолу аймактык-административдик реформага багытталган мыйзам долбоорлору каралып, депутаттар толук колдоп бердик. Бул мыйзам аймактардын өнүгүшүнө өбөлгө түзүп, өлкөбүздүн жаңы багытта алдыга жылуусуна жардамчы болот деген ишеничтемин. Өзгөчө мамлекеттик казынаны натыйжалуу пайдаланууга жана башкаруу системасын жөнгө салууга чоң мүмкүндүк түзөт.

Ошондой эле кылым курулушу аталган Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолун салууга тиешелүү алгачкы мыйзам долбоорлорун карадык. Келечекте аталган темир жол курулса Кыргызстан жол туңгуюгунан чыгып, Улуу Жибек жолу кайрадан калыбына келет. Өлкөбүздүн соода байланышы дагы кеңейип, мамлекеттер ортосунда эле эмес, континенттер ортосунда да жаңы транспорттук каттам ачылат. Тагыраагы, Чыгыш Азиядан Түштүк Европа өлкөлөрүнө баруучу жол 900 чакырымга кыскарат. Бул жүк жеткирүү убактысын бир жумага үнөмдөөгө мүмкүндүк берип, жүк ташуу көлөмүн кыйла көбөйтөт. Андыктан, мындай ири долбоорго тиешелүү тарыхый документтерди парламент тоскоолдуксуз карап, колдоп берүүгө даярбыз.

Муну менен катар 3-сессиябызда Башкы прокурордун, Эсеп палатасынын, Улуттук банктын төрагаларынын отчеттору каралып, Акыйкатчынынын да жасаган иштери боюнча маалымат алдык. Комитеттерде жана фракцияларда да кеңири талкуулар өтүп, Министрлер Кабинетинин өкүлдөрүнүн катышуусунда маанилүү чечимдер чыгарылып турду. Мындан тышкары, бир катар маселелер боюнча парламенттик угуулар, тегерек үстөлдөр уюштурулду. Депутаттардан сунушталган ар бир мыйзам долбоору милдеттүү түрдө коомдук талкуудан өтүп, коомчулуктун мыйзам чыгаруу ишине катышуусу камсыздалды.

Бардык жыйындар ачык-айкын көрсөтүлүп, отурумдардын баары түз эфирде чагылдырылды. Мындан тышкары, жалпыга маалымдоо каражаттарынын 214 өкүлү туруктуу аккредитациядан өтүп, парламенттин ишин элге жеткирүүгө мүмкүнчүлүк алышты.

Жогорку Кеңештин башкы максаттарынын бири эл менен бийликтин ортосунда көпүрө болуп, шайлоочулардын ишенимин актоо болгондуктан, жарандар менен да түздөн-түз иштөө жигердүү улантылды. Шайлоочулар менен ар кандай жолугушуулар өтүп, жер-жерлерде ар кандай көчмө жыйындар уюштурулду.

Ошондой эле мамлекеттер аралык байланышты чыңдоодо парламенттик дипломатиянын да ролу чоң. 3-сессиябызда аталган маселеге өзгөчө көңүл буруп, тышкы алакаларды чыңдоо аракетин көрдүк. Айрыкча алыскы өлкөлөр менен парламенттер ортосундагы кызматташтыкты кеңейтүүгө басым жасап, Улуу Британия, Мажарстан, Австрия, Монголия, Азербайжан өңдүү өлкөлөргө расмий сапар менен барып келдик.

Албетте бул чек эмес, ийгиликтер али алдыда. Кыргыз парламенти мамлекетибиздин мыйзамдык базасын чыңдоого, Туруктуу өнүгүүнүн Улуттук стратегиясында каралган программалык милдеттерди ишке ашырууга аракет кылып, калыптанган саясий системасы бар, экономикасы кыймылдуу өнүгүп жаткан жана калкынын кирешелери ырааттуу өсө баштаган өлкөнү курууга көмөктөшө беребиз!

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ФРАКЦИЯЛАРЫ/ ДЕПУТАТТЫК ТОПТОРУ/ ДЕПУТАТТАРЫ*

«Ата-Журт Кыргызстан» фракциясы – 19 депутат, алардын ичинде бир мандаттуу округдардан 4 депутат

«Ишеним» фракциясы – 12 депутат

«Ынтымак» фракциясы – 9 депутат

«Альянс» фракциясы – 7 депутат





«Бүтүн Кыргызстан» фракциясы – 5 депутат

«Ыйман Нуру» фракциясы – 5 депутат

«Мекенчил» депутаттык тобу – бир мандаттуу округдардан 14 депутат

«Элдик» депутаттык тобу – бир мандаттуу округдардан 10 депутат

Депутаттар *

* №20 бир мандаттуу округдан
№21 бир мандаттуу округдан
№25 бир мандаттуу округдан
№27 бир мандаттуу округдан
№28 бир мандаттуу округдан

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН КОМИТЕТТЕРИ

| | | Ата-Журт Кыргызстан | Ишеним | Ынтымак | Альянс |
|---|---|---|---|---|---|
|  | Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет | ● ● | ● ◉ | | ● |
|  | Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитет | ● ◉ | ● | ● | ● |
|  | Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана региондук өнүктүрүү боюнча комитет | ● | ● | ● | ● |
|  | Социалдык саясат боюнча комитет | ● ● | ● | ● ● | ● |
|  | Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты боюнча комитет | ● ● | ● | | ● |
|  | Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет | ● ● ● ● ● | ● ● | ● ◉ | ● |
|  | Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет | ● ● ● ● ● | ● | ● ● | ● |
|  | Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет | ● | ● ◉ ● | ● | ● |


Бүтүн Кыргызстан
Ыйман Нуру
Мекенчил
Элдик
Бир мандат-туу округ
Бардык депутаттар
№20
10
12
10
10
№25
9
№21
15
№28
№27
17
9
Комитеттин төрагасы
Комитеттин мүчөлөрү

### “Айыл Банк” ачык акционердик коому тарабынан фермерлерге жана ишкерлерге кредиттин берилиши жөнүндө маселени иликтөө боюнча убактылуу депутаттык комиссия түзүү жөнүндө (КР ЖКнын №2278-VII токтому)

ТҮЗҮЛГӨН
2024-ж. 26-июнунда

АЯКТОО МӨӨНӨТҮ
2024-ж. 21-ноябры

Төрайым: А.Н. Абдибаева – “Ишеним” парламенттик фракциясынан;
Төрайымдын орун басары : М.А. Абдалиев – «Ата-Журт Кыргызстан» парламенттик фракциясынан;
Комиссиянын курамы:
- А. Исатбек кызы – “Ынтымак” парламенттик фракциясынан;
- А.А. Исиралиев – “Альянс” парламенттик фракциясынан;
- Э.Т. Токтошев – “Бүтүн Кыргызстан” парламенттик фракциясынан;
- З.Д. Мамасадыков – “Ыйман Нуру” парламенттик фракциясынан;
- Ы.Ы. Атажанов – “Мекенчил” депутаттык тобунан;
- М.М. Самыйкожо – “Элдик” депутаттык тобунан;
- Э.Ж. Сурабалдиева – №27 Биринчи май бир мандаттуу шайлоо округунан.

### Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бузууларды иликтөө боюнча убактылуу депутаттык комиссия түзүү жөнүндө (КР ЖКнын №1956-VII токтому)

ТҮЗҮЛГӨН
2024-ж. 3-апрелинде

ИШТӨӨ МӨӨНӨТҮН УЗАРТЫЛДЫ
2024-ж. 3-октябрына чейин

Төрайым: Г.О. Култаева – «Ата-Журт Кыргызстан» парламенттик фракциясынан;
Төрайымдын орун басары : М.М. Мураталиев – “Ишеним” парламенттик фракциясынан;
Комиссиянын курамы:
- М.А. Маматалиев – “Ынтымак” парламенттик фракциясынан;
- Г.С. Молдобекова – “Альянс” парламенттик фракциясынан;
- И.А. Масалиев – “Бүтүн Кыргызстан” парламенттик фракциясынан;
- С.А. Айжигитов – “Ыйман Нуру” парламенттик фракциясынан;
- У.Б. Бакасов – “Мекенчил” депутаттык тобунан;
- К.К. Самаков – “Элдик” депутаттык тобунан.

### Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу маселелери боюнча мыйзамдардын аткарылышын иликтөө үчүн убактылуу депутаттык комиссия түзүү жөнүндө (КР ЖКнын №1853-VII токтому)

ТҮЗҮЛГӨН
2024-ж. 1-февралында

Иштин жыйынтыгы боюнча КР ЖКнын 2024-ж. 26-июнундагы №2282-VII токтому кабыл алынган

Төрага: Ж.С. Кыдыкбаев – «Ата-Журт Кыргызстан» парламенттик фракциясынан;
Төраганын орун басары : М.К. Алиев – “Ишеним” парламенттик фракциясынан;
Комиссиянын курамы:
- Т.Т. Мамытов – “Ынтымак” парламенттик фракциясынан;
- А.А. Исиралиев – “Альянс” парламенттик фракциясынан;
- А.Т. Эрбаев – “Бүтүн Кыргызстан” парламенттик фракциясынан;

Комиссиянын курамы:
- Д.А. Ашимова – “Ыйман Нуру” парламенттик фракциясынан;
- Ж. Коргонбай уулу – “Мекенчил” депутаттык тобунан;
- А.Б. Кенжебаев – “Элдик” депутаттык тобунан.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Э.Э. Жамгырчиевди кылмыш жоопкерчилигине тартууга макулдук берүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору К.Т. Зулушевдин сунуштамасын кароо үчүн атайын депутаттык комиссия түзүү тууралуу (КР ЖКнын №1751-VII токтому)**

ТҮЗҮЛГӨН
2023-ж. 27-декабрында

Иштин жыйынтыгы боюнча КР ЖКнын 2024-ж.
10-январындагы №1803-VII токтому кабыл алынган

Төрага:
- Э.Н. Сулайманов – “Ата-Журт Кыргызстан” парламенттик фракциясынан;

Төраганын орун басары :
- Б.В. Шабазов – “Ишеним” парламенттик фракциясынан;

Комиссиянын курамы:
- Б.Э. Тентишев – “Ынтымак” парламенттик фракциясынан;
- А.А. Исираилов – “Альянс” парламенттик фракциясынан;
- А.Т. Эрбаев – “Бүтүн Кыргызстан” парламенттик фракциясынан;
- В.К. Раимбачаева – “Ыйман Нуру” парламенттик фракциясынан;
- Д.Э. Толонов – “Мекенчил” депутаттык тобунан;
- К.К. Самаков – “Элдик” депутаттык тобунан.

**Аутизм, Даун синдромуна жана церебралдык шал илдетине чалдыккан балдардын көйгөйлөрүн жана ушул жааттагы мыйзамдарда каралган алардын укуктарынын сакталышын иликтөө боюнча убактылуу депутаттык комиссия түзүү жөнүндө (КР ЖКнын №1555-VII токтому)**

ТҮЗҮЛГӨН
2023-ж. 1-ноябрында

Иштин жыйынтыгы боюнча КР ЖКнын 2024-ж.
5-июнундагы №2142-VII токтому кабыл алынган

Төрайым:
- Ж.Э. Садырбаева – «Ата-Журт Кыргызстан» парламенттик фракциясынан;

Төрайымдын орун басары :
- Ж. Таалайбек кызы – “Ишеним” парламенттик фракциясынан;

Комиссиянын курамы:
- М.А. Маматалиев – “Ынтымак” парламенттик фракциясынан;
- Н.Я. Алимжанова – “Альянс” парламенттик фракциясынан;
- А.А. Айдарова – “Бүтүн Кыргызстан” парламенттик фракциясынан;
- В.К. Раимбачаева – “Ыйман Нуру” парламенттик фракциясынан;
- А. Алтынбеков – “Мекенчил” депутаттык тобунан;
- М.К. Сарбагышев – “Элдик” депутаттык тобунан;
- Д.Д. Бекешев – №28 Октябрь бир мандаттуу шайлоо округунан.

## Билими



**86**
депутат
жогорку билимдүү

**5**
депутат
окумуштуу даражасына ээ

### Депутаттардын Жогорку Кеңеште иштегенге чейинки иш чөйрөлөрү




## Гендердик жана жаш курагынын белгилери боюнча



### 66 депутат

| | |
|---|---|
| 35 жашка чейин | 3 |
| 35-50 жаш | 33 |
| 50-65 жаш | 29 |
| 65 жаштан жогору | 1 |



### 20 депутат

| | |
|---|---|
| 35 жашка чейин | 2 |
| 35-50 жаш | 6 |
| 50-65 жаш | 10 |
| 65 жаштан жогору | 2 |

## фракциялардын/депутаттык топтордун/депутаттардын ичинде

| | | |
|---|---|---|
| 14 | Ата-Журт Кыргызстан | 5 |
| 8 | Ишеним | 4 |
| 6 | Ынтымак | 3 |
| 4 | Альянс | 3 |
| 3 | Бүтүн Кыргызстан | 2 |
| 3 | Ыйман Нуру | 2 |
| 14 | Мекенчил | |
| 10 | Элдик | |
| 1 | №20 | |
| 1 | №21 | |
| 1 | №25 | |
| | №27 | 1 |
| 1 | №28 | |

ӨТКӨРҮЛДҮ:

**73**

кезектеги жыйналыш

**4**

жабык жыйналыш





Жарандардын каралган кайрылуулары **11 091**

Шайлоочулар менен өткөрүлгөн жолугушуулар **22 263**

Кабыл алынган мыйзамдар **215**

Кабыл алынган токтомдор **922**

Кабыл алынган протоколдук тапшырмалар **201**

Угулган отчеттор **6**

Өткөрүлгөн иш-чаралар **246**

Парламенттер аралык кызматташтыктын алкагында өткөрүлгөн жолугушуулар **43**

## МЫЙЗАМ ДОЛБООРЛОРУН КАРООНУН ЖҮРҮШҮ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ







**Кыргыз Республикасынын Президентине жөнөтүлгөн мыйзамдар**



194 мыйзамга кол коюлган

7 мыйзам кол коюуда

14 мыйзам каршы пикир менен кайтарылган

2 Президенттин каршы пикирине макул болушту

5 макулдашуу тобу түзүлдү

4 макулдашылган вариант кабыл алынды

3 четке кагылды

### Мыйзам долбоорлоруна экспертиза

**288** мыйзам долбооруна экспертиза жүргүзүлдү

УКУКТУК — Конституцияга жана мыйзамдарга карама-каршылыктар боюнча **180**

УКУК КОРГООЧУЛУК — адам укуктарын бузуулар боюнча **151**

ГЕНДЕРДИК — гендердик теңдикти бузуулар боюнча **3**

КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ — коррупциялык тобокелчиликтер боюнча **20**

ЭКОЛОГИЯЛЫК — жаратылышты коргоо боюнча мыйзам талаптарына шайкеш эместиктер боюнча **4**

ЛИНГВИСТИКАЛЫК

тексттердеги, түшүнүктөрдөгү жана терминдердеги **400**дөн ашык шайкеш эместиктер **АНЫКТАЛДЫ.**

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТОКТОМДОРУ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

**922** токтом кабыл алынган


мыйзам долбоорлорун кароо маселелери боюнча
**714**

мамлекеттик, коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык өнүгүү маселелери боюнча
**34**

өкүлчүлүк жана контролдук ыйгарым укуктарды аткаруу маселелери боюнча
**48**

Жогорку Кеңештин ишин уюштуруу маселелери боюнча
**126**









| | Төрагага | Фракцияларга / депутаттык топторго/ депутаттарга* | Комитеттерге |
|---|---|---|---|
| Кайрылуулардын жалпы саны | 872 / 1479 / | 8461 / 9490 / | 1758 / 1983 |
| анын ичинде электрондук форматта | 465 / 327 / | 958 / 839 / | 1121 / 499 |

*** - 2024 ж.


*** - 2023 ж.

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНА КАЙРЫЛУУЛАР



## ФРАКЦИЯЛАРДЫН/ ДЕПУТАТТЫК ТОПТОРДУН ЖЫЙНАЛЫШТАРЫ





## ФРАКЦИЯЛАР /ДЕПУТАТТЫК ТОПТОР/ ДЕПУТАТТАР* ӨТКӨРГӨН ИШ-ЧАРАЛАР

| | Шайлоочулар ме-нен жолугушуулар | Тегерек столдор | Конференциялар | Семинарлар |
|---|---|---|---|---|
| Ата-Журт Кыргызстан | 27 | 0 | 1 | 0 |
| Ишеним | 65 | 3 | 12 | 7 |
| Ынтымак | 218 | 71 | 82 | 16 |
| Альянс | 34 | 7 | 3 | 2 |
| Бүтүн Кыргызстан | 28 | 19 | 9 | 4 |
| Ыйман Нуру | 24 | 30 | 0 | 26 |
| Мекенчил | 96 | 69 | 50 | 36 |
| Элдик | 49 | 11 | 17 | 14 |
| №20 | 158 | 1 | 2 | 1 |
| №21 | 17 | 3 | 1 | 1 |
| №25 | 22 | 1 | 0 | 2 |
| №27 | 115 | 25 | 18 | 12 |
| №28 | 2603 | 4 | 1 | 0 |

## ЖАРАНДАРДЫН ФРАКЦИЯЛАРГА/ ДЕПУТАТТЫК ТОПТОРГО/ ДЕПУТАТТАРГА* КАЙРЫЛУУЛАРЫ



## ЖАРАНДАРДЫН ФРАКЦИЯЛАРГА/ ДЕПУТАТТЫК ТОПТОРГО/ ДЕПУТАТТАРГА* КАЙРЫЛУУЛАРЫ

| | Ата-Журт Кыргызстан | Ишеним | Ынтымак | Альянс | Бутун Кыргызстан |
|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 147 | 363 | 428 | 151 | 48 |
| Чүй облусу | 99 | 275 | 340 | 110 | 14 |
| Ош облусу | 137 | 596 | 57 | 178 | 13 |
| Жалал-Абад облусу | 222 | 158 | 73 | 29 | 54 |
| Баткен облусу | 10 | 228 | 26 | 48 | 8 |
| Нарын облусу | 10 | 394 | 45 | 60 | 0 |
| Ысык-Көл облусу | 30 | 114 | 231 | 18 | 5 |
| Талас облусу | 21 | 196 | 18 | 16 | 1 |
| БАШКАЛАР | 2 | 7 | 2 | 32 | 1 |

| Ыйман Нуру | Мекенчил | Элдик | №20 | №21 | №25 | №27 | №28 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 113 | 114 | 897 | 5 | 8 | 9 | 167 | 111 |
| 38 | 73 | 149 | 4 | 3 | 71 | 32 | 20 |
| 68 | 201 | 113 | 3 | 1 | 0 | 15 | 4 |
| 215 | 165 | 55 | 2 | 0 | 0 | 13 | 0 |
| 40 | 121 | 50 | 0 | 0 | 0 | 9 | 2 |
| 38 | 131 | 33 | 1 | 0 | 0 | 9 | 1 |
| 50 | 11 | 126 | 2 | 0 | 0 | 11 | 4 |
| 57 | 13 | 9 | 19 | 15 | 0 | 10 | 1 |
| 0 | 4 | 5 | 0 | 0 | 0 | 5 | 0 |

## ФРАКЦИЯЛАР/ ДЕПУТАТТЫК ТОПТОР/ ДЕПУТАТТАР ТАРАБЫНАН ЖАРАНДАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ

| | Фракциялардын/ депутаттык топтордун лидерлери | Депутаттар | Коомдук кабылдамалар |
|---|---|---|---|
| АТА-ЖУРТ КЫРГЫЗСТАН | 360 | 1435 | 498 |
| ИШЕНИМ саясий партиясы | 353 | 1634 | 408 |
| ЫНТЫМАК саясий партиясы | 243 | 530 | 220 |
| АЛЬЯНС | 679 | 934 | 386 |
| БҮТҮН КЫРГЫЗСТАН | 15 | 140 | 19 |
| ЫЙМАН НУРУ | 280 | 609 | 0 |
| МЕКЕНЧИЛ депутаттык тобу | 297 | 1163 | 250 |
| ЭЛДИК депутаттык тобу | 25 | 1151 | 480 |
| №20 | - | 1817 | 1310 |
| №21 | - | 57 | 39 |
| №25 | - | 100 | 0 |
| №27 | - | 1975 | 10 |
| №28 | - | 1310 | 0 |



| | Ата-Журт Кыргызстан | Ишеним | Ынтымак | Альянс | Бүтүн Кыргызстан | Ыйман Нуру |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Мыйзамдуулук жана укук тартиби | 61 | 434 | 8 | 104 | 14 | 59 |
| Экономика | 55 | 15 | 5 | 119 | 9 | 54 |
| Айыл чарбасы | 31 | 41 | 17 | 15 | 16 | 0 |
| Билим берүү, илим, маданият, спорт | 19 | 66 | 24 | 71 | 8 | 81 |
| Саламаттыкты сактоо | 46 | 36 | 21 | 12 | 10 | 71 |
| Жергиликтүү өз алдынча башкаруу | 48 | 76 | 3 | 25 | 12 | 3 |
| Калкты социалдык коргоо | 79 | 49 | 25 | 67 | 8 | 55 |
| БАШКАЛАР | 95 | 62 | 10 | 82 | 16 | 0 |

| Мекенчил | Элдик | №20 | №21 | №25 | №27 | №28 | **БААРДЫГЫ** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 34 | 33 | 5 | 2 | 3 | 60 | 1 | **818** |
| 39 | 31 | 7 | 0 | 0 | 5 | 0 | **339** |
| 30 | 36 | 12 | 0 | 5 | 10 | 0 | **213** |
| 36 | 40 | 18 | 3 | 1 | 15 | 0 | **382** |
| 22 | 31 | 10 | 1 | 2 | 15 | 0 | **277** |
| 20 | 51 | 3 | 0 | 0 | 70 | 0 | **311** |
| 37 | 29 | 3 | 0 | 2 | 32 | 0 | **386** |
| 13 | 60 | 6 | 2 | 4 | 20 | 1 | **371** |


## КОМИТЕТТЕР ТАРАБЫНАН КАРАЛГАН МЫЙЗАМ ДОЛБООРЛОРУ

| 1-окууда | 2-окууда | 3-окууда | |
|---|---|---|---|
| 87 | 55 | 50 | Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет |
| 91 | 68 | 67 | Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитет |
| 36 | 9 | 8 | Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет |
| 53 | 20 | 8 | Социалдык саясат боюнча комитет |
| 29 | 5 | 5 | Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты боюнча комитет |
| 32 | 8 | 7 | Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет |
| 111 | 42 | 38 | Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет |
| 54 | 23 | 22 | Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет |

## КОМИТЕТТЕР ӨТКӨРГӨН ИШ-ЧАРАЛАР

| Парламенттик угуу | Министрлер Кабинети күнү | Конференциялар | Тегерек стол |
|---|---|---|---|
| 6 | 2 | 3 | 2 |

## ЖАРАНДАРДЫН КОМИТЕТТЕРГЕ КАЙРЫЛУУЛАРЫ



654
Бишкек шаары

109
Баткен облусу

225
Ош облусу

130
Ысык-Көл облусу

244
Чүй облусу

68
Нарын облусу

221
Жалал-Абад облусу

73
Талас облусу

34
Чет өлкөлөр

## ЖАРАНДАРДЫН КОМИТЕТТЕРГЕ КАЙРЫЛУУЛАРЫ

| | | Бишкек ш.  | Чүй облусу  | Ош облусу  |
|---|---|---|---|---|
|  | Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет | 161 | 49 | 28 |
|  | Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитет | 23 | 3 | 3 |
|  | Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет | 19 | 39 | 33 |
|  | Социалдык саясат боюнча комитет | 172 | 41 | 38 |
|  | Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты боюнча комитет | 27 | 7 | 4 |
|  | Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет | 47 | 20 | 23 |
|  | Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет | 83 | 26 | 58 |
|  | Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет | 122 | 59 | 38 |

| Жалал-Абад облусу | Баткен облусу | Нарын облусу | Ысык-Көл облусу | Талас облусу | Чет өлкөлөр |
|---|---|---|---|---|---|
| 43 | 16 | 12 | 24 | 16 | 10 |
| 1 | 5 | 0 | 1 | 0 | 20 |
| 23 | 14 | 11 | 14 | 10 | 0 |
| 34 | 16 | 9 | 18 | 3 | 3 |
| 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| 35 | 9 | 14 | 8 | 12 | 0 |
| 65 | 36 | 17 | 39 | 22 | 0 |
| 19 | 12 | 4 | 25 | 9 | 0 |

| Мыйзамдар | Токтомдор | | |
|---|---|---|---|
| 0 | 2 |  | Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет |
| 0 | 3 |  | Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитет |
| 4 | 2 |  | Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет |
| 0 | 7 |  | Социалдык саясат боюнча комитет |
| 6 | 3 |  | Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты боюнча комитет |
| 1 | 5 |  | Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет |
| 0 | 5 |  | Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет |
| 5 | 0 |  | Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет |

## ПРОТОКОЛДУК ТАПШЫРМАЛАР БОЮНЧА МААЛЫМАТ

| Аткарылган | Аткарылууда | |
|---|---|---|
| 15 | 5 | Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет |
| 15 | 7 | Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитет |
| 30 | 17 | Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет |
| 36 | 9 | Социалдык саясат боюнча комитет |
| 8 | 1 | Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты боюнча комитет |
| 41 | 43 | Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет |
| 37 | 22 | Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет |
| 19 | 0 | Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет |

# ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ МАКСАТТАРЫ

Кыргыз Республикасы 2030-жылга чейинки мезгилде экономикалык өнүгүүгө, курчап турган чөйрөнү коргоого жана социалдык бакубаттуулукка багытталган туруктуу өнүгүү жаатындагы БУУнун 17 максатын (ТӨМ) жүзөгө ашырууну жактайт.

КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ТӨРАГАСЫНЫН АЛДЫНДА ТҮЗҮЛГӨН АЯЛДАРДЫН, БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА ГЕНДЕРДИК ТЕҢЧИЛИК БОЮНЧА КЕҢЕШ

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНА КАРАШТУУ АЯЛДАРДЫН, БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА ГЕНДЕРДИК ТЕҢДИК БОЮНЧА КЕҢЕШ

**МАКСАТЫ – АЯЛДАРДЫН ЖАНА БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫН КОРГОО ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ЧАРАЛАРДЫ ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮЛӨРДҮ КООРДИНАЦИЯЛОО.**

МИЛДЕТТЕРИ:

- аялдардын жана балдардын укуктарын камсыз кылуу үчүн мыйзамдык базаны өркүндөтүү;
- улуттук саясатка гендердик мамилелерди жана баланын эң мыкты кызыкчылыктарынын принциптерин киргизүү;
- мамлекеттик органдар тарабынан аялдардын, балдардын укуктарын коргоо жана гендердик теңдик жаатындагы Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин аткаруу;
- үй-бүлөлүк зомбулукту болтурбоо жана эмгектенүүдө жеке жашоонун кол тийбестигин сактоо;
- аялдардын укуктары, гендердик теңдик жана балдардын укуктары маселелери боюнча Жогорку Кеңештин мамлекеттик органдар, жарандык коом, эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүү.

**СЕССИЯ МЕЗГИЛИНИН ИЧИНДЕ:**
- **5 жыйналыш өткөрүлдү;**
- **2 мыйзам долбоору иштелип чыкты;**
- **5 конференция, тегерек стол, семинар ж.б. өткөрүлдү;**
- **1 жолугушуу өткөрүлдү.**

ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН АЙЫМ ДЕПУТАТТАРЫНЫН ФОРУМУ

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН АЙЫМ ДЕПУТАТТАРЫНЫН ФОРУМУ

**МАКСАТЫ – АЯЛДАРДЫН САЯСАТКА КАТЫШУУСУН ИЛГЕРИЛЕТҮҮ.**

МИЛДЕТТЕРИ:

- аялдардын жана эркектердин саясатка катышуудагы тең укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу;

- гендердик басмырлоого жол бербөө;
- аялдардын саясий чечимдерди кабыл алууга катышуусун жогорулатуу;
- аялдарга, үй-бүлөгө, балдарга, ДМЧАга, этностук топторго ж. б. тийиштүү маселелерде биргелешкен көз карашты иштеп чыгуу;
- саясатта жана мамлекеттик башкаруу системасында аялдардын укуктары менен кызыкчылыктарын илгерилетүүгө жана колдоого көмөктөшүү.

**СЕССИЯ МЕЗГИЛИНИН ИЧИНДЕ:**

- **3 жыйналыш өткөрүлдү, анын ичинде 2 көчмө;**
- **облустарга 2 аймактык иш сапары жүргүзүлдү;**
- **6 иш-чара өткөрүлдү;**
- **84 даттануу жана кайрылуу каралды.**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ТӨРАГАСЫНА КАРАШТУУ КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮҮ ШАРТТАРЫНДА ТУРУКТУУ ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА КЕҢЕШ

**МАКСАТЫ – ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮНҮН МАКСАТТАРЫНА ЖЕТИШҮҮГӨ КОНТРОЛДУК ЖҮРГҮЗҮҮ ҮЧҮН АЯНТЧА ТҮЗҮҮ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КАЙТАЛАНГЫС ЭКОЛОГИЯЛЫК СИСТЕМАСЫН САКТООГО КӨМӨК КӨРСӨТҮҮ.**

МИЛДЕТТЕРИ:

- Кыргыз Республикасынын кайталангыс экологиялык системасын сактоо жана туруктуу өнүктүрүү, калктын экономикалык жана социалдык бакубаттуулугун камсыз кылуу боюнча сунуштарды даярдоо;
- мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, экологиялык жана экономикалык өнүктүрүү жаатындагы кызыкдар уюмдардын иштерине көмөк көрсөтүү;
- экологиялык-экономикалык кырдаалды жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
- иш менен камсыздоо шарттарын түзүүгө жана биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо, туруктуу пайдалануу аркылуу айыл жергесинде ишкердикти өнүктүрүүнү камсыз кылууга көмөк көрсөтүү.

**СЕССИЯ МЕЗГИЛИНИН ИЧИНДЕ:**

- **2 жыйналыш өткөрүлдү;**
- **1 фестиваль өткөрүлдү;**
- **2 мыйзам долбоору иштелип чыкты;**
- **облустарга 2 аймактык иш сапары жүргүзүлдү;**
- **1 форум өткөрүлдү.**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ТӨРАГАСЫНА КАРАШТУУ МИГРАЦИЯ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА АДАМДАРДЫ САТУУГА КАРШЫ АРАКЕТТЕНҮҮ БОЮНЧА КЕҢЕШ

**МАКСАТЫ – ЧЕТ ӨЛКӨДӨ ЖАШАГАН МЕКЕНДЕШТЕР МЕНЕН ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН БАЙЛАНЫШЫН ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАР МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮСҮН ЧЫҢДОО.**

МИЛДЕТТЕРИ:

- мекендештердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын колдоо, коргоо маселелери боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу;
- эл аралык уюмдар, мамлекеттик органдар, өкмөттүк эмес уюмдар, бирикмелер жана мекендештердин диаспоралары менен өз ара аракеттенүү;
- маданий, социалдык, билим берүү, гуманитардык, диний жана башка багыттардагы долбоорлорду колдоо;
- мекендештердин жашоо сапатын жогорулатуу боюнча диаспоралардын жана бирикмелердин күч-аракеттерин координациялоо;
- мекендештердин көйгөйлөрү тууралуу коомчулукка кабарлоо;
- эмгек миграциясы чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча долбоорлорду иштеп чыгуу;
- жаштардын демилгелерин жана инвестициялык долбоорлорду колдоо.

**СЕССИЯ МЕЗГИЛИНИН ИЧИНДЕ:**

- **2 жыйналыш өткөрүлдү;**
- **1 мыйзам долбоору иштелип чыкты;**
- **1 жумушчу топ түзүлдү;**
- **32 иш-чара өткөрүлдү;**
- **13 эл аралык иш-чарага катышуу ишке ашырылды;**
- **2 изилдөө жүргүзүлдү;**
- **1 меморандумга кол коюлду.**

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНА КАРАШТУУ БИЗНЕСТИ ЖАНА ИШКЕРДИКТИ ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА КЕҢЕШ

**МАКСАТЫ – ПАРЛАМЕНТ МЕНЕН БИЗНЕС КООМДОШТУГУНУН ОРТОСУНДАГЫ ТУРУКТУУ БАЙЛАНЫШТЫ КАМСЫЗ КЫЛУУ.**

МИЛДЕТТЕРИ:

- өлкөнүн экономикасын өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
- мыйзамдарга мониторинг жүргүзүү жана мыйзам чыгаруу демилгелерин иликтөө;
- ишкердик ишти жөнгө салуучу мыйзамдарга сунуштарды киргизүү;
- бизнести жүргүзүүдө мүмкүн болуучу тобокелдиктерди жана чакырыктарды аныктоо;
- бизнес чөйрөсүн жакшыртуу, өлкөнүн инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу жана бизнести илгерилетүү үчүн сунуштарды иштеп чыгуу.

**СЕССИЯ МЕЗГИЛИНИН ИЧИНДЕ:**
**• 1 жыйналыш өткөрүлдү;**
**• 7 мыйзам долбоору иштелип чыкты;**
**• 4 жумушчу топ түзүлдү;**
**• 3 изилдөө жүргүзүлдү;**
**• 63 даттануу жана кайрылуу каралды.**

Жогорку Кеңешке караштуу парламентти жана демократияны өнүктүрүү
БОРБОРУ

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШКЕ КАРАШТУУ ПАРЛАМЕНТТИ ЖАНА ДЕМОКРАТИЯНЫ ӨНҮКТҮРҮҮ БОРБОРУ

**МАКСАТЫ – ПАРЛАМЕНТТИН ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК ӨНҮГҮҮСҮНӨ КӨМӨК КӨРСӨТҮҮ.**

МИЛДЕТТЕРИ:

- Жогорку Кеңештин стратегиялык документтерин иштеп чыгууга, ишке ашырууга, мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого көмөк көрсөтүү;
- Жогорку Кеңештин депутаттарынын жана кызматкерлеринин потенциалын жогорулатуу;
- Кыргыз Республикасында парламентаризмди өнүктүрүү маселелери боюнча Жогорку Кеңешке маалыматтык, аналитикалык жана эксперттик колдоо көрсөтүү.

**СЕССИЯ МЕЗГИЛИНИН ИЧИНДЕ:**
**• КР ЖКнын 2027-жылга чейин өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга көмөк көрсөтүлдү;**
**• КР ЖКнын депутаттарынын жана Аппаратынын кызматкерлеринин кесипкөйлүгүн өнүктүрүү Концепциясы иштелип чыкты;**
**• КР ЖКнын Төрагасынын сессия мезгили үчүн отчетун даярдоого катышты;**
**• 252 катышуучу катышкан 13 окутуу-үйрөтүү курсу өткөрүлдү;**
**• 6 изилдөө жүргүзүлдү;**
**• 5 жумушчу топ түзүлдү;**
**• өнүгүү боюнча шериктештер менен эки тараптуу 21 жолугушуу өткөрүлдү;**
**• 13 иш-чара өткөрүлдү;**
**• 6 эл аралык иш-чарага катышуу жүзөгө ашырылды;**
**• 3 меморандумга кол коюлду;**
**• КР ЖКнын интерактивдүү музейинин түзүлүшүнө көмөк көрсөтүлдү.**

# АДМИНИСТРАТИВДИК-АЙМАКТЫК РЕФОРМА




Кыргыз Республикасында административдик-аймактык реформаны ишке ашыруу максатында Жогорку Кеңеш тарабынан «Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде административдик-аймактык бирдиктери тууралуу», «Кыргыз Республикасынын администрациялык-аймактык түзүлүшү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» жана «Административдик-аймактык реформанын алкагында Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары кабыл алынды.

Кыргыз Республикасында жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформа региондордун социалдык-экономикалык жана жаратылыш-ресурс потенциалын сарамжалдуу пайдалануу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу, башкарууда түзүмдүк өзгөртүүлөрдү ишке ашыруу жана калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жакшыртуунун негизинде айыл аймактары менен шаарларда социалдык-экономикалык кырдаалды жакшыртууга багытталган.

Кабыл алынган **«Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде административдик-аймактык бирдиктери тууралуу»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен Кыргыз Республикасында ирилештирилген административдик-аймактык бирдиктер түзүлүп, алардын административдик чектери бекитилди.

Аталган Мыйзам кабыл алынганга чейин Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү 7 облус, 40 район, 32 шаар, анын ичинде республикалык маанидеги 2 шаар жана 452 айыл аймагынан турган болсо, реформанын алкагында ирилештирилген 235 айыл аймагынын жана республикалык, облустук жана райондук маанидеги 33 шаардын административдик чектери схемалык картасына жана чектеринин баяндамаларына ылайык Мыйзам менен бекитилди.

Административдик-аймактык реформанын негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жаңы түзүмү менен штаттык саны бекитилип, натыйжада штаттык бирдиктердин саны 3856га кыскартылып, үнөмдөлгөн каражаттардын суммасы 1192,2 млн сомду түзөт.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык жана аймактык бирдиктеринин объектилерин белгилөө системасынын мамлекеттик классификатору жаңыланат.

Жогоруда көрсөтүлгөн өзгөртүүлөргө байланыштуу, **«Кыргыз Республикасынын администрациялык-аймактык түзүлүшү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»**[2] **Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын** алкагында «шаар тибиндеги калктуу конуштар» түшүнүгүн алып салуу каралган. Азыркы учурда «шаар тибиндеги калктуу конуш» түрүндөгү администрациялык-аймактык бирдик иш жүзүндө жок.

Мындан тышкары, кайра уюштурууга алып келүүчү тиешелүү административдик-аймактык бирдиктердин чектеринин өзгөрүшүнө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын айыл

[1] Жогорку Кеңеш 2024-жылы 20-июнда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылы 18-июлда кол койгон.

[2] Жогорку Кеңеш 2024-жылы 20-июнда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылы 18-июлда кол койгон.




аймактары менен шаарларынын деңгээлиндеги административдик-аймактык түзүлүштүн жалпы түзүмүнүн өзгөрүшүнө байланыштуу, **«Административдик-аймактык реформанын алкагында Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»**[1] **Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** кабыл алынган.

Аталган Мыйзамда Кыргыз Республикасынын Граждандык, Жер, Турак жай, Бюджеттик кодекстерине жана Кыргыз Республикасынын «Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөрдү укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө», «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө», «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө», «Жайыттар жөнүндө», «Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоо) мораторий киргизүү жөнүндө», «Борбордун статусу жөнүндө», «Ош шаарынын статусу жөнүндө», «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө», «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө», «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү каралган.

Муниципалдык ишкананы ачуу үчүн укуктук негизди түзүү максатында Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси «муниципалдык ишкана» деген түшүнүк менен толукталат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жер жана суу маселелери боюнча компетенциясын тактоо максатында айрым мыйзамдарга тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилди.

Жүргүзүлүп жаткан реформанын алкагында шаарлардын курамына киргизилген айыл аймактарынын жер маселелери эми жергиликтүү мамлекеттик администрацияга тиешелүү болбой калгандыктан, райондук мамлекеттик администрациянын жер маселелери боюнча ыйгарым укуктарына окшош ыйгарым укуктар шаарлардын мэрияларынын компетенциясына өткөрүлдү.

Муниципалдык акы төлөнүүчү кызматтардан түшкөн каражаттар жергиликтүү бюджеттин киреше булактарынын бири болуп саналат. Бир катар калктуу пункттарда, өзгөчө айылдарда, товарларды эсепке алуу приборлору жок. Ушуга байланыштуу, кызматтар үчүн акы төлөө өлчөмүн аныктоонун бир ыкмасы катары жашаган адамдардын санына жараша салык аныкталган.

Мыйзам менен жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү төрт жылдан беш жылга чейин узартылды.

Ошону менен бирге, кайра уюштурууга, Кыргыз Республикасынын айыл аймактары менен шаарларынын деңгээлинде административдик-аймактык түзүлүштүн жалпы түзүмүнүн өзгөрүшүнө алып келген тиешелүү административдик-аймактык бирдиктердин чектеринин өзгөрүшүнө байланыштуу, жергиликтүү кеңештер таркатылууга тийиш экени жана алар жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү мыйзамдарда көрсөтүлгөн тартипте шайланары белгиленди.

[1] Жогорку Кеңеш 2024-жылы 20-июнда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылы 29-июлда кол койгон.

# «ЗДОРОВЬЕ НАЦИИ НАЧИНАЕТСЯ С ЗАБОТЫ О КАЖДОМ ЧЕЛОВЕКЕ»
## — АВИЦЕННА

Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарына жүргүзүлгөн инвентаризациянын алкагында төмөнкү көйгөйлөр аныкталды:
- саламаттык сактоонун жалпы ишмердүүлүгүн ченемдик жөнгө салуу ар кайсы мыйзамдарда каралган жана укуктук пайдаланууда ыңгайсыздыктарды пайда кылат, себеби алар системалуу түрдө өз ара байланышта болгондуктан, саламаттык сактоо жаатындагы бир мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүүдө башка мыйзамдарга да өзгөртүүлөр киргизилет;
- саламаттык сактоо жөнүндөгү тармактык мыйзамдарда колдонулуп жаткан негизги түшүнүктөр жана аныктамалар ар кайсы мыйзамдарда чачыранды абалда;
- бир катар мыйзамдар декларациялык мүнөздө, анткени ал каржылоонун, тиешелүү технологиялардын жана инфраструктуранын жоктугу менен шартталган;
- бир катар мыйзамдар мыйзам алдындагы ченемдик-укуктук актылар аркылуу ишке ашыруу механизмдери менен толук бекемделген эмес;
- айрым мыйзамдар улуттук жана секторалдык стратегиялык документтерде аныкталган мамлекеттик саясат менен шайкештикке келтирүү үчүн кайра карап чыгууну/өзгөртүүнү талап кылат.



Ушундан улам, белгиленген көйгөйлөрдү чечүү максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан **«Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө»[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** кабыл алынды.

Аталган Мыйзам менен саламаттык сактоо тармагындагы мыйзамдарды бир мыйзамга интеграциялоо алкагында колдонуудагы мыйзамдардын ченемдери кеңейтилбестен пайдаланылып, айрым ченемдер такталып, кайталоочу жоболор жокко чыгарылды.

Ошону менен бирге, жугуштуу эмес оорулар, репродуктивдүү саламаттык, эне жана баланы коргоо, эмчек эмизип багууда, кан донорлугу, ошондой эле адам органдары менен ткандарын трансплантациялоодо комплекстүү саламаттык сактоо кызматтарын уюштуруу боюнча ченемдер кеңейтилди.

[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 22-ноябрда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылы 12-январда кол койгон.

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Азыркы күнгө карата Бишкек шаарындагы Республикалык клиникалык жугуштуу оорулар ооруканасы 400 орунга эсептелген жана ошол эле учурда жугуштуу оорулар менен жабыркаган бейтаптарга тез медициналык жардам көрсөтүү менен улуттук жана муниципалдык оорукананын ролун аткарат. Республиканын калкынын саны жыл сайын өсүп жаткандыгын эске алсак, бул оорукана калктын сапаттуу медициналык жардамга болгон муктаждыктарын толук канааттандыра албайт.

Бейтаптардын санынын өсүүсү оорукананын ашыкча толуусуна жана оорукана ичиндеги жугуштуу оорулардын жайылышына алып келүүдө. Кайрылган бейтаптардын 80-85%ын балдар түзөт, мунун өзү бокс палаталуу кошумча бөлүмдүн болушун талап кылат.

Көрсөтүлгөн көйгөйдү чечүү максатында Жогорку Кеңеш тарабынан **«2023-жылдын 14-июлунда Бишкек шаарында кол коюлган «Республикалык клиникалык жугуштуу оорулар ооруканасын функционалдык жакшыртуу» долбоору үчүн Экономикалык өнүктүрүү максатында кызматташуу фондунан берилүүчү насыя боюнча Корея Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ортосундагы Макулдашууну жана 2023-жылдын 21-августунда Бишкек шаарында кол коюлган «Республикалык клиникалык жугуштуу оорулар ооруканасын функционалдык жакшыртуу» боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Кореянын экспорттук-импорттук банкынын ортосундагы Насыялык макулдашууну (EDCF атынан Өкметтүк агенттик) ратификациялоо жөнүндө»[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** кабыл алынды.


Долбоордун алкагында Корея тарабынан 27 000 000 (жыйырма жети миллион) АКШ доллары өлчөмүндө насыя берилет:
- төлөө мөөнөтү – 40 жыл;
- жеңилдиги бар мезгил – 10 жыл;
- пайыз чени – 0,1%;
- тейлөө үчүн комиссия – ар бир төлөмдүн суммасынын 0,1%ы.

Долбоорду ишке ашыруунун алкагында кыргыз тарап 1 259 000 (бир миллион эки жүз элүү тогуз миң) АКШ доллары өлчөмүндө тең каржылоо жасайт, ошондой эле зарыл болгон салыктарды жана жыйымдарды республикалык бюджеттин эсебинен төлөйт.

**МАКУЛДАШУУДА ТӨМӨНКҮЛӨР КАРАЛГАН:**

- **иштеп жаткан оорукананы кеңейтүү;**
- **оорукананы заманбап медициналык жабдуу менен камсыздоо жана бир эле убакта медицина персоналына аны пайдаланууну үйрөтүү;**
- **оорукананын маалымат системасын түзүү жана персоналды бул багытта окутуп-үйрөтүү;**
- **бейтаптарга көрсөтүлүүчү медициналык кызматтардын сапатын жогорулатуу;**
- **оорукана ичиндеги инфекцияларга карата өз учурунда алдын алуу чараларын көрүү.**

**ФИНАНСЫЛЫК КАРАЖАТТАР ТӨМӨНКҮЛӨРГӨ БАГЫТТАЛАТ:**




[1] Жогорку Кеңеш 2024-жылы 31-январда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылы 1-мартта кол койгон.



# «УЛУТТУН САЛАМАТТЫГЫ АР БИР АДАМ ҮЧҮН КАМ КӨРҮҮДӨН БАШТАЛАТ»

***— АБУ АЛИ ИБН СИНА***

COVID-19 таажы вирусу жана ага каршы көрүлгөн чаралар өлкөбүздүн саламаттык сактоо системасындагы көйгөйлөрдү ачык көрсөттү.


Тактап айтсак, башкаруу механизмдеринин чабалдыгы, айрыкча эпидемия (жугуштуу оорулардын эл арасында кеңири жайылуусу) шарттарында медицина кадрларынын даяр эместиги жана жетишсиздиги, зарыл инфраструктуранын жана жабдуулардын жоктугу, тиешелүү лабораториялык мүмкүндүктөрдүн жетиштүү камсыз кылынбаганы ачыкталды. Ошондой эле, укуктук жөнгө салуудагы боштуктар, мекеме-уюмдардын өз ара аракеттенүүсүндөгү кемчиликтер, калктын жугуштуу оорулар жөнүндө начар кабардар болгону аныкталды.

Бул маселелерди чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан **«Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө»**[1] **Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** кабыл алынды.

Мыйзамдын негизги максаты болуп коомдук саламаттык сактоо системасын модернизациялоо аркылуу адамдардын ден соолугун сактоону камсыз кылуунун деңгээлин жогорулатуу саналат.

## МЫЙЗАМДЫН НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕРИ ТӨМӨНКҮЛӨР:

- коомдук саламаттык сактоонун актуалдуу талаптарына, эл аралык укук колдонуу тажрыйбасына ылайык ченемдерди өркүндөтүү;
- саламаттык сактоо системасында ооруларды алдын алуу боюнча иш-чараларын өткөрүүдө илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жана алардын натыйжаларын колдонуу мүмкүнчүлүгүн түзүү;
- санариптик технологияларды колдонууну кеңейтүү менен саламаттык сактоо тууралуу маалыматтарга жана кызмат көрсөтүүлөргө жетүүнү камсыз кылуу;
- жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу, ден соолукту чыңдоо, анын ичинде балдардын жана жаштардын арасындагы оорулардын алдын алуу чараларын күчөтүү;
- менчигинин түрүнө карабастан, Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарында инфекциялык көзөмөлдөө системасына жана чараларына негиз түзүү.



[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 22-ноябрда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылы 12-январда кол койгон.

# ТАЗА СУУ – ӨМҮР БУЛАГЫ

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши **«2023-жылдын 16-майында Самарканд шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын ортосундагы «Кыргыз Республикасынын суу секторунун туруктуулугун жогорулатуу программасы – Кадамжай, Таш-Көмүр, Көк-Жаңгак жана Айдаркен шаарларынын чакан долбоорлору» долбоору боюнча кредиттик макулдашууну жана 2023-жылдын 16-майында Самарканд шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын ортосундагы «Кыргыз Республикасынын суу секторунун туруктуулугун жогорулатуу программасы – Кадамжай, Таш-Көмүр, Көк-Жаңгак жана Айдаркен шаарларынын чакан долбоорлору» долбоору боюнча берилүүчү Акционерлердин атайын фондунан инвестициялык грант тууралуу гранттык макулдашууну ратификациялоо жөнүндө»[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамын** кабыл алган.

Макулдашуу Кадамжай, Таш-Көмүр, Көк-Жаңгак жана Айдаркен шаарларынын тургундарынын 85%ын тейлөө үчүн суу бөлүштүрүү тармагын кеңейтүүгө, ичүүчү суу менен камсыз кылуу системасын реабилитациялоого, сууну эсепке алуу системасын киргизүүгө жана техникалык тейлөө үчүн жабдууну модернизациялоого багытталган. Жогоруда аталган инвестициялар ичүүчү таза суунун жеткиликтүүлүгүн кыйла жакшыртууга, сууну ашыкча керектөөнү кыскартууга, климаттын өзгөрүшүнө карата туруктуулукту жогорулатууга мүмкүндүк берет.



European Bank
for Reconstruction and Development

Долбоордун алкагында жалпы каржылоо 18,6 млн еврону түзүп, ар бир шаар үчүн 4,650 млн евро каралган, анын ичинен:
- кредит – 8 млн евро;
- грант – 8 млн евро;
- техникалык кызматташтыктын гранттык каражаттары – 2,6 млн евро;
- кредиттин мөөнөтү – 15 жыл;
- жеңилдиги бар мезгил – 4 жыл.

[1] Жогорку Кеңеш 2024-жылы 17-январда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылы 29-февралда кол койгон.

# ТЕМИР ЖОЛ ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮГӨ ЖОЛ АЧАТ




Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 Жарлыгы менен бекитилген 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук программасынын негизинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан **«2024-жылдын 6-июнунда Пекин шаарында кол коюлган Кытай Эл Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Өзбекстан Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы «Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан» темир жол долбоорун биргелешип илгерилетүүдө кызматташуу жөнүндө макулдашууну ратификациялоо тууралуу»[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** кабыл алынган.

Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолун куруу Кыргызстандын экономикасынын өсүүсүнө түрткү берип, калкка көрсөтүлүүчү транспорт кызматтарын кеңейтүүгө, транспорт инфратүзүмүн өнүктүрүүгө олуттуу көмөк көрсөтөт.

[1] Жогорку Кеңеш 2024-жылы 19-июнда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылы 27-июнда кол койгон.

Чыгыш Азиядан Жакынкы Чыгыш жана Түштүк Европа өлкөлөрүнө баруучу жолдун кыскарышы

**900 км**

мөөнөттөр

**7-8 суткага**

кыскарат



# КЫТАЙ

Кыргыз Республикасы Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекет болгондуктан, Долбоордо башка бажы жеңилдиктерин берүү боюнча милдеттенмелер дагы каралган.

Долбоор региондор аралык байланыштарды чыңдоого өбөлгө түзөт, транспорттук багыттарды диверсификациялоо жана эл аралык транспорттук-транзиттик хаб катары региондун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча Борбордук Азия мамлекеттеринин максаттарына жооп берет.

Алдын ала божомолдорго ылайык, Чыгыш Азиядан Жакынкы Чыгыш жана Түштүк Европа өлкөлөрүнө баруучу жолдун кыскарышы 900 км түзөт, ал эми мөөнөттөр 7-8 суткага кыскарат.

Бүгүнкү күндө 311,75 км узундуктагы Торугарт – Арпа – Кош-Дөбө – Макмал – Жалал-Абад маршруту боюнча техника-экономикалык негиздеме иштелип чыгып, Макмал аймагында кайра жүктөөчү станцияны жайгаштыруу каралган. Ошентип, Торугарттан Макмалга чейин (165,5 км) темир жолдун эни 1435 мм, ал эми Макмалдан Жалал-Абадга чейин (146,25 км) 1520 мм колдонулат.

Ошону менен бирге, жаңы темир жол коридору Евразия континенталдык көпүрөсүнүн түштүк бутагына айланып, Түштүк-Чыгыш, Батыш Азия жана Жакынкы Чыгыш рынокторуна жол ачат.

Бул каттам Кытайдан Кыргызстанга, ошондой эле Борбордук Азия жана Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүнө, анын ичинде Түркияга жана андан ары Европа биримдигине жүк жеткирүүнү камсыздай алат. Долбоор жүк жеткирүүдөгү аралык менен убакыттын кыскаруусунун эсебинен эл аралык транзиттик ташуулардын рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү жогорулатат.

# РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТ



## 378 405,5 МЛН СОМ

**МАМЛЕКЕТТИК ИНВЕСТИЦИЯЛАРДЫН ГРАНТТАРЫН ЭСКЕ АЛУУ МЕНЕН РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТТИН ЖАЛПЫ КИРЕШЕЛЕРИ 2024-ЖЫЛЫ**

## 367 493,2 МЛН СОМ

**2024-ЖЫЛГА РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТТИН ЧЫГЫМДАРЫНЫН ЖАЛПЫ КӨЛӨМҮ, ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕРДИ ЭСЕПКЕ АЛБАГАНДА**

**2024-ЖЫЛГА РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТТИН ПРОФИЦИТИ 10912.4 МЛН СОМДУ ЖЕ ИДПнын 0.9% ТҮЗӨТ.**

### НЕГИЗГИ ЧЫГЫМДАРЫ:

- Саламаттык сактоо – 32108,5 млн сом;
- Билим берүү – 65721,2 млн сом;
- Социалдык коргоо – 62 838,7 млн сом.

### СОЦИАЛДЫК ЧӨЙРӨНУ ЖАНА РЕГИОНДОРДУ ӨНУКТҮРҮҮГӨ

- “Мамлекеттик ипотекалык компания” ААК - 1000,0 млн сом;
- Социалдык төлөмдөрдү жогорулатуу - 22 050,5 млн сом;
- Теңдөөчү трансферттер - 2 598,1 млн сом;
- Максаттуу трансферттер - 6 944,1 млн сом;
- Түртку берүүчү гранттар - 1500,0 млн сом;
- Жакыр жашаган жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө бир жолку колдоо (социалдык контракт) төлөө үчүн ар бир үй-бүлөгө 100,0 миң сомдон, 20,0 миң үй-бүлөгө 2000,0 млн сом.

## БАТКЕН ОБЛУСУНА ЖАНА ЧЕК АРА АЙМАКТАРЫН ӨНҮКТҮРҮҮГӨ

- Чек арага жакын аймактарды өнүктүрүү – 250,0 млн сом;
- Баткен облусунун коопсуздугун камсыз кылуу жана социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программа – 500,0 млн сом;
- Баткен облусунун жабыркаган чарбалык субъектерине жардам көрсөтүү – 137,0 млн сом.

## ЭНЕРГЕТИКАЛЫК ИНФРАСТРУКТУРАНЫ ӨНҮКТҮРҮҮГӨ

- “Электр станциялар” ААК – 29 423,6 млн сом;
- “Улуттук электр тармагы” ААК – 27 923,6 млн сом;
- Камбар-Ата ГЭСин куруу – 621,0 млн сом;
- “Кичи ГЭС” (Орто Токой) ААК – 600,0 млн сом.

## 2024-ЖЫЛГА КАПИТАЛДЫК САЛЫМДАРЫ БОЮНЧА ЧЫГЫМДАР - 8000,0 МЛН СОМ СУММАСЫНДА КАРАЛГАН

Социалдык-экономикалык объекттерди, ичүүчү суу менен жабдуу системаларын, ирригациялык курулмаларды, автомобиль жолдорун, улуттук коопсуздук, укуктук тартип, куралдуу күчтөр объекттерин жана стратегиялык маанидеги объекттерди долбоорлоону, курууну, капиталдык оңдоону жана реконструкциялоону аяктоого/улантууга жумшалат.

## БАШКА ЧӨЙРӨЛӨР:

- Мамлекеттик бюджеттик резерв – 3 080,0 млн сом;
- “Айыл банк” ААК – 2052,8 млн сом (“Айыл чарбасын каржылоо” долбоору жана “Агроөнөр жай комплексин кредиттөө” долбоору боюнча капиталдаштыруу);
- ”РСК банк” ААК – 965,0 млн сом (“Айыл чарбасын каржылоо” долбоору жана “Агроөнөр жай комплексин кредиттөө” долбоору боюнча капиталдаштыруу);
- КНС ордун толтуруу жана кайтарып берүү – 1500,0 млн сом;

5. Коммерциялык банктардын пайыздык ченемдерин субсидиялоо – 224,7 млн сом;

- Экономиканы өнүктүрүү долбоорлорун каржылоо жана топтолгон финансылык резервдер – 1524,1 млн сом;
- “Ишкердикти өнүктүрүү фонду” – 400,0 млн сом;
- Мамлекеттик ирригациялык фондду мамлекеттик колдоо жана өнүктүрүү – 1000,0 млн сом;
- Финансы – кредиттик уюмдарга кепилдик – 1200,0 млн сом;
- Табигый кырсыктарды жоюу боюнча иш-чаралар – 100,0 млн сом;
- Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин атайын эсеби – 200,0 млн сом;
- Санариптик экономика – 600,0 млн сом.

## 2024-ЖЫЛГА МАМЛЕКЕТТИК ИНВЕСТИЦИЯЛАР ПРОГРАММАСЫНДА ТӨМӨНКҮЛӨР КАРАЛАТ:

### СУУ МЕНЕН КАМСЫЗДООГО – 9 068,7 МЛН СОМ

- Бишкек ш. суу менен жабдуусун жана канализациясын реабилитациялоо;
- Токмок ш. суу менен жабдуу жана канализациясын реабилитациялоо;
- Нарын ш. суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо;
- Кара-Суу ш. суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо;
- Чолпон-Ата ш. суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо;
- Кызыл-Кыя ш. суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо;
- Токтогул ш. суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо;
- Майлуу-Суу ш. суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо;
- Өзгөн ш. суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо;
- Балыкчы ш. суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо;
- Ноокат ш. суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо;
- Мырза-Аке, Дөң-Булак жана Куршаб жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы суу менен жабдуу системаларын реабилитациялоо;
- Каракол ш. суу менен жабдуу системасын реабилитациялоо;
- Жалал-Абад ш. суу менен жабдуу жана канализация системасын жакшыртуу, 2-фаза;
- Раззаков ш. суу менен жабдуу системасын реабилитациялоо;
- Кадамжай ш. суу менен жабдуу системасын реабилитациялоо;
- Таш-Көмүр ш. суу менен жабдуу системасын реабилитациялоо;
- Көк-Жаңгак ш. суу менен жабдуу системасын реабилитациялоо;
- Айдаркен ш. суу менен жабдуу системасын реабилитациялоо;
- Ысык-Көлдүн саркынды сууларын башкаруу;
- Баткен жана Талас облустарындагы айылдарды суу менен камсыз кылуу жана санитарияны жакшыртуу долбоору;
- “Нарын облусундагы айылдарды суу менен камсыз кылууну жана санитарияны жакшыртуу” долбоору;
- Ош ш. тиричилик таштандыларын башкаруу тутумун жакшыртуу;
- Бишкек ш. катуу таштандыларды башкаруу тутумун жакшыртуу.

### АЙМАКТАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮГӨ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ТУРАК ЖАЙЛАРДЫ КУРУУГА – 2 652,4 МЛН СОМ

- Көп кабаттуу социалдык турак жайларды куруу;
- Ош облусунда регионалдык экономикалык өнүктүрүү долбоору;
- Баткен облусунда регионалдык экономикалык өнүктүрүү долбоору.

### БИЛИМ БЕРҮҮГӨ – 1 449,9 МЛН СОМ

- Секторду өнүктүрүү программасы: инклюзивдик өстүрүш үчүн көндүмдөр;
- Келечек үчүн билим берүү;
- Окутуунун негиздерин бекемдөө.

### САЛАМАТТЫКТЫ ӨНҮКТҮРҮҮГӨ – 1 578,1 МЛН СОМ

- Бишкек шаарынын медициналык тез жардамынын шаардык клиникалык балдар ооруканасы үчүн жаңы корпусту куруу;
- Эне жана баланы коргоо программасы IV-V;
- Эне жана баланы коргоо программасы VI-VIII Ош ш.;

• Эне жана баланы коргоо программасы VI-VIII Талас ш.;
• Шашылыш COVID 19 долбоору (Кошумча каржылоо);
• Саламаттык сактоо жаатындагы региондук коопсуздукту чыңдоо боюнча долбоор.

## ТРАНСПОРТ ИНФРАСТРУКТУРАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮГӨ – 14 197,4 МЛН СОМ

• Тараз-Талас-Суусамыр жолун реабилитациялоо, 4-фаза, 104-197,5 км;
• Балыкчы-Каракол-Балыкчы айланма жолун реабилитациялоо долбоору (Корумду - Каракол);
• “БАРЭК 3 коридорун жакшыртуу” долбоору (Бишкек-Ош автожолу, Бишкек-Кара-Балта участогу) - 4-фаза;
• Түндүк-Түштүк альтернативдик жолун куруу;
• БАРЭК 1 жана БАРЭК 3 транспорттук коридорлорунун ортосундагы бириктирүү жолунун долбоору;
• БА жол байланыштарын жакшыртуу долбоору 3-Фаза (Түп-Кеген жолу);
• ”Негизги эл аралык жолдорду жакшыртуу” долбоору;
• ”Талас-Тараз автожолундагы Үрмарал дарыясындагы көпүрөнү калыбына келтирүү”;
• Жашыл шаарлар 2 алкактык программасы, 2-терезе: Бишкек автобустары;
• Шаар транспортун электрлештирүү долбоору (АӨБ).

## САНАРИПТИК ӨНҮКТҮРҮҮГӨ – 2092,8 МЛН СОМ

• ”Digital CASA” долбоору (ДБ) (кредит);
• ”Digital CASA долбооруна кошумча каржылоо” (ДБ) (кредит) (план).


## АЙЫЛ ЧАРБАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮГӨ – 4981,9 МЛН СОМ

• ”Рыноктorго чыгууну камсыз кылуу” долбоору;
• Сүт секторунун өндүрүмдүүлүгүн комплекстүү жогорулатуу боюнча долбоор (Кошумча каржылоо);
• Айыл чарбасында климаттын өзгөрүшүнө туруктуу кошумча нарк чынжырчаларын өнүктүрүү долбоору;
• Улуттук суу ресурстарын башкаруу – 2-Фазасы;
• Климаттын өзгөрүшүнө туруктуу суу чарба кызматтарын жакшыртуу;
• Ысык-Көл жана Нарын аймактарында сугат дыйканчылыгын өнүктүрүү;
• Климаттын өзгөрүүсүнө жана табигый кырсыктарга суу ресурстарынын туруктуулугун күчөтүү долбоору.

## ЭНЕРГЕТИКАЛЫК ИНФРАСТРУКТУРАНЫ ӨНҮКТҮРҮҮГӨ – 8 107,3 МЛН СОМ

• ”Камбар-Ата ГЭС-2 экинчи гидроагрегатын эксплуатациялоого киргизүү”;
• ”Токтогул ГЭСин реабилитациялоонун II фазасы”;
• ”Токтогул ГЭСин реабилитациялоонун III фазасы”;
• ”Кыргызстанда жылуулук менен камсыздоону жакшыртуу” долбоору
• ”Үч-Коргон ГЭСин” модернизациялоо;
• ”Лебединовка ГЭСин реконструкциялоо” долбоору (ЕРӨБ) (грант)
• CASA-1000 долбооруна кошумча каржылоо;
• Электр энергетика секторун модернизациялоо жана туруктуу өнүктүрүү ”Кыргызстанда жылуулук менен камсыздоону жакшыртуу” долбооруна кошумча каржылоо.

# ЭЛЕКТРОНДУК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮ




Бүгүнкү күндө мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү алуу үчүн жарандар Калкты тейлөө борборлоруна барып, кезекке туруп, арыз жазууга аргасыз. Бул көрүнүш кагаз иштерин жол-жоболоштурууну татаалдаштырып, көп убакыт коротууга жана кошумча чыгымдарды жасоого мажбур кылат жана ал коррупциялык тобокелдиктерге алып келиши мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин маалыматына ылайык, 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгына карата жарандарга Калкты каттоо департаменти тарабынан төмөнкүдөй кызматтар көрсөтүлгөн:
- баланын төрөлүшүн каттоо – 70678;
- нике каттоо – 20731;
- никенин бузулушун каттоо – 6593;
- өлүмдү каттоо – 16036;
- аты-жөнүн өзгөртүүнү каттоо – 8051.

Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган **«Жарандык абалдын актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу»** [1] **Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** жарандарга электрондук кызматтардын мамлекеттик порталы аркылуу онлайн режимде баланын төрөлүшүн каттоого, никени каттоого, никенин бузулушун каттоого, өлүмдү каттоого жана аты-жөнүн өзгөртүүнү каттоого арыз берүүгө өбөлгө түзөт.

Мыйзам Кыргыз Республикасынын калкынын бардык катмарлары үчүн социалдык пайда алып келет, анткени үйдөн чыкпастан жана кагаз чогултуу менен убара болбостон, мамлекеттик кызматты алуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзөт.

[1] Жогорку Кеңеш 2024-жылы 5-июнда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылы 8-июлда кол койгон.

# ПЕНСИЯНЫН ТОПТОЛМО БӨЛҮГҮН КОЛДОНУУ ЖӨНҮНДӨ



Мамлекеттик ипотекалык компаниянын расмий сайтында 70043 кайрылуу катталып, жалпысынан 8301 адам турак жай менен камсыздалган болсо, ал эми 12241 адам кезекте турат. Бул цифралар турак жайга муктаж болгондордун саны кыйла чоң экенин айтып турат. Мамлекеттик ипотекалык компаниянын кардарларынын негизги бөлүгүн мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер түзөт, анткени алар үчүн кредиттин пайыз чени эң төмөн жана бул ипотека программасы бюджеттик кызматкерлерге арналган.

Азыркы учурда турак жайды 5 жылга чейин пайызсыз узартып төлөө менен саткан курулуш компаниялары жана турак жайды мына ушундай шарттарда пайызсыз сатып алууну каалагандар да көп. Бирок, жарандар көбүнчө баштапкы төлөмдү төлөөдө кыйынчылыктарга туш болушат.

Жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйлөрдү чечүү максатында Жогорку Кенеш тарабынан **«Кыргыз Республикасында мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын топтолмо бөлүгүн каржылоо үчүн каражаттарды инвестициялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу»[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** кабыл алынды.

Бул Мыйзам аркылуу мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын топтолмо бөлүгүн каржылоого багытталган пенсиялык топтолмо каражаттарды түзүүдө жана инвестициялоодо, турак жайды сатып алууда же курулуп жаткан же курулуп бүткөн объекттердин курулуш субъекттеринен (курулушчулардан) узартып төлөө менен же келишимдик негизде сатып алууда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган тартипте камсыздандырылган адамдарга баштапкы жана кошумча төгүм катары топтолмо пенсиялык фонддон пенсиялык төлөмдөрдү көп жолу пайдалануу укугу берилет.

[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 21-декабрда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылы 7-февралда кол койгон.

# ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУККА ЖОЛ ЖОК!

**604** 2021-жылда сексуалдык зомбулук катталды

**53%** кылмыш курамы болболгондуктан кыскартылган

**254** ала качуу фактысы катталды

**84%** кылмыш курамы жоктугунан кыскартылган

Акыркы жылдары кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамдарды өркүндөтүү процессинде жабырлануучунун укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктары анчейин эске алынбай, шектүүнүн жана айыпталуучунун укуктарына айрыкча көңүл бурулуп келген, натыйжада укуктук тең салмактуулуктун бузулушу орун алган.

Аялдар менен кыздарга көрсөтүлгөн үй-бүлөлүк зомбулук жана сексуалдык зомбулук адам укуктарынын одоно бузулушуна алып келүүчү олуттуу көйгөй болуп саналат. Мындай зомбулук аялдардын дене бойлук, психикалык, сексуалдык жана репродуктивдүү саламаттыгына терс таасир этиши мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин маалыматы боюнча 2021-жылы 604 сексуалдык зомбулук катталып, алардын 53%ы кылмыш курамы болбогондуктан кыскартылган. Мажбурлап нике кыйдыруу үчүн 254 ала качуу фактысы катталып, алардын 84%ы кылмыш курамы жоктугунан кыскартылган. Ошол эле жылы үй-бүлөдөгү зомбулукка байланышкан 10151 учур катталган. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандарга 9038 убактылуу коргоо ордери, алардын ичинен аялдарга 8463, жашы жете электерге 264 ордер берилген. 2022-жылдын алгачкы 5 айында 3988 үй-бүлөлүк зомбулук фактысы катталган.

Жогоруда көрсөтүлгөн жагдайларды эске алуу менен, сексуалдык, гендердик, үй-бүлөлүк зомбулукка дуушар болгон адамдарга комплекстүү жардам көрсөтүү, зомбулук көрсөткөн адамдардын жазасыз калуусун болтурбоо максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан **«Үй-бүлөлүк, сексуалдык жана гендердик зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»**[1] **Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** кабыл алынган.

Аталган Мыйзам менен зордукчул жүрүм-турумду өзгөртүү боюнча түзөтүүчү (коррекциялоочу) программа каралган. Үй-бүлөлүк зомбулук кылмышын жасаган адамдын мындай программадан өтүүсү соттун токтомунун негизинде пробация органы тарабынан жүзөгө ашырылат.



[1]Жогорку Кеңеш 2024-жылы 26-июнда кабыл алган.

# ИЧКИ ЖЕР КОТОРУУ ЖӨНҮНДӨ

Акыркы 30 жыл аралыгында жерлерди башаламан басып алуунун натыйжасында Бишкектин жана республиканын башка шаарларынын айланасында көп сандагы жаңы курулуштар пайда болду. Ушул себептен жергиликтүү бийликтер бир катар маселелерди чечүүдө, анын ичинде жер тилкелерин мыйзамдаштырууда кыйынчылыктарга туш болууда. Айрыкча, ошол жерлерде отурукташкан жарандарды алардын туруктуу жашаган жери боюнча каттоо маселеси курч турат.

Ушундан улам, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан **«Ички жер которуу жөнүндө»[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** кабыл алынды.

Кыргыз Республикасындагы ички жер которуу процесстерин жөнгө салуу, жарандардын жашаган жана барган жеринде алардын укуктарынын корголуусун жана милдеттеринин аткарылуусун камсыз кылуу үчүн жарандарга сапаттуу жана өз убагында мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү жүзөгө ашыруу боюнча тиешелүү мамлекеттик органдардын өз ара кызматташуусу Мыйзамдын негизги максаты болуп саналат.

Аталган Мыйзамда жарандарды жашаган жерин алмаштырганда жазуу жүзүндө же мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн электрондук порталы же мобилдүү тиркеме аркылуу калк каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органга жаңы даректерди көрсөтүү аркылуу жашаган жерин өзгөртүү жөнүндө арыз менен кайрылууга милдеттендирген ченем каралган.

Ошондой эле, уруксатсыз курулган курулуштардын техникалык паспорту бар болгон учурда, жарандар ал жерге катталууга жана каттоодон чыгууга мүмкүндүк алышат.



[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 27-декабрда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылы 15-февралда кол койгон.

# ЭНЕРГЕТИКАНЫ ТУРУКТУУ ӨНҮКТҮРҮҮ





Азыркы учурда Кыргыз Республикасында генерациялоочу кубаттуулуктарды жогорулатуу максатында гидроэлектростанцияларды реконструкциялоо боюнча ири долбоорлор ишке ашырылууда. Натыйжада 2025-2026-жылдарда Токтогул жана Үч-Коргон ГЭСтерин реконструкциялоону аягына чыгаруунун, ошондой эле Камбарата-2 ГЭСинин экинчи гидроагрегатын орнотуунун эсебинен кубаттуулуктардын өсүшү 400 МВаттан ашары күтүлүүдө. Ошону менен катар, Камбарата-1 ГЭСи, Сары-Жаз, Казарман, Куланак жана Чаткал ГЭСтеринин каскадын куруу сыяктуу ири долбоорлорду илгерилетүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

Электр жана жылуулук энергиясы менен үзгүлтүксүз камсыздоо өтө зарыл экендигин эске алуу менен, генерациялоочу кубаттуулуктарды жана электр тармактарынын инфратүзүмүн технологиялык жактан олуттуу түрдө модернизациялоо муктаждыгы жаралууда, бул болсо олуттуу инвестицияларды талап кылат.

Жогоруда аталган чараларды толук кандуу ишке ашыруу максатында Кыргыз

Базалык сценарийинде энергияны керектөөнүн жылдык өсүшү

**1,0 млрд кВт/с чейин**

Жыл сайын ишке жаңы киргизилип жаткан кубаттуулуктардын көлөму

**170-200 мВт/с**

Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан **«2024-жылдын 23-январында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын ортосундагы Каржылоо жөнүндө макулдашууну («Кыргыз Республикасынын кайра жаралуучу энергетикасын өнүктүрүү» долбоору) жана 2024-жылдын 29-январында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Жашыл климаттык фонддун аккредиттелген жагы катары аракеттенүүчү Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын ортосундагы Жашыл климаттык фондду каржылоо жөнүндө макулдашууну («Кыргыз Республикасынын кайра жаралуучу энергетикасын өнүктүрүү» долбоору) ратификациялоо тууралуу»[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** кабыл алынды.

Муну менен бирге, «Кыргыз Республикасынын кайра жаралуучу энергетикасын өнүктүрүү» долбоору гидроэлектроэнергиясын иштеп чыгарууну жогорулатуу жана электр энергиясын берүү системасын бекемдөө жолу менен энергиянын кайра жаралуучу булактарын интеграциялоону камсыз кылуу максатын көздөйт.

## 1-КОМПОНЕНТ

**Гидроэлектростанцияларды реабилитациялоо жана тандалып алынган жерлерде жаңы гидроэлектростанцияларды куруу.** Компоненттин жалпы наркы 43,2 млн АКШ долларын түзөт. Бул компонент артыкчылыктуу инвестицияларды колдоп, энергияга болгон суроо-талапты канааттандыруу жана электр менен жабдуунун ишенимдүүлүгүн жогорулатуу үчүн гидроэнергетикалык кубаттуулукту жогорулатууга багытталган потенциалды өстүрүү боюнча иш-чаралар менен техникалык жардамды болжолдойт.

## 2-КОМПОНЕНТ

**Ири масштабдуу кайра жаңылануучу энергия булактарынын өнүктүрүлүүсүнө көмөктөшүү үчүн тандалган тармактык инфратүзүмдү модернизациялоо жана чыңдоо.** Компонент боюнча чыгымдардын алдын ала суммасы 35,5 млн АКШ долларын түзөт, анын ичинде: ЭӨАнын 23,5 млн АКШ доллары өлчөмүндөгү каржылоосу, ЖКФнын 10 млн АКШ доллары өлчөмүндөгү жеңилдетилген насыясы жана ЖКФнын 2 млн АКШ доллары өлчөмүндөгү гранты.

## 3-КОМПОНЕНТ

**Долбоордун ишке ашырылышын институционалдык жактан бекемдөө жана колдоо.** Болжолдуу каржылоо 1,5 миллион АКШ долларын түзөт, анын ичинде: 1 миллион АКШ доллары – ЭӨАнын каржылоосу жана 0,5 миллион АКШ доллары – ЖКФнын гранты.

**80,2 млн $**
долбоордун жалпы суммасы

IDA | International Development Association
WORLD BANK GROUP

**ЭӨА (Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясы)**

кредит **– 67,7 млн $;**
кредиттин мөөнөтү **– 50 жыл;**
жеңилдиги бар мезгили **– 10 жыл;**
пайыз чени **– 0%.**

GREEN CLIMATE FUND

**ЖКФ (Жашыл климат фонду )**

кредит **– 10 млн $;**
гранты **– 2,5 млн $;**
кредиттин мөөнөтү**– 40 жыл;**
жеңилдиги бар мезгил **– 10 жыл;**
пайыз чени **– 0,25%.**

[1] Жогорку Кеңеш 2024-жылы 26-июнда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылы 23-июлда кол койгон.

# АДАЛ ИНДУСТРИЯНЫ КОЛДОО

Бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндө мусулман калкынын санынын өсүүсү менен бирге адал индустриясы жогорку темп менен өнүгүп бара жатат. Бул өз кезегинде, эксперттердин баа берүүсү боюнча, адал тамак-аш продуктуларын сатып алууга кеткен чыгым 2025-жылы жалпы тамак-аш продуктуларына кеткен дүйнөлүк чыгымдын 20%ынан ашат, ал эми 2030-жылы 25%га жетиши мүмкүн.

Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасында мусулман калкынын үлүшү 80%ды түзөт, ушуга байланыштуу, тамактануу чөйрөсүндө гана эмес, жашоо-турмуштун көптөгөн чөйрөлөрүндө да адал стандарттарынын ченемин сактоо маселеси актуалдуу болуууда.

Ошону менен бирге, адал продуктуларына жана кызмат көрсөтүүлөргө карата талаптарды сактоонун алкагында тамак-аш азыктарын жана товарларды өндүрүү, сатуу жана керектөө субъекттеринин өз ара мамилелерин натыйжалуу жөнгө салуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган эмес.

Жогоруда белгиленген жагдайлар адал индустриясынын өнүгүүсүнө мүмкүндүк бербестен, адал продукциясынын жана кызмат көрсөтүүлөрүнүн керектөөчүлөрүнө ыңгайсыздык жаратып, ата мекендик адал продукциясынын ислам мамлекеттеринин рынокторуна киришине тоскоол болууда.

Жогоруда көрсөтүлгөн жагдайларды эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан **«Кыргыз Республикасындагы адал индустриясы жөнүндө»[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** кабыл алынды. Анын максаты – Кыргыз Республикасында адал продукциясын өндүрүүнүн жана кызмат көрсөтүүнүн укуктук негиздерин аныктоо, адал продукциясына карата эл аралык стандарттар менен талаптарга ылайык атаандаштыкка жөндөмдүү, экологиялык жактан таза жана сапаттуу айыл чарба продукциясын өндүрүү жана экспорттоо үчүн базалык шарттарды түзүү, кайра иштетүү өнөр жайынын продукциясын өндүрүүгө дем берүү.



[1] Жогорку Кеңеш 2024-жылы 8-майда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылы 18-июнда кол койгон.

# МИКРОГЕНЕРАЦИЯ – ЖАШЫЛ ЭНЕРГЕТИКАГА САЛЫМ



**МИКРОГЕНЕРАЦИЯ ОБЪЕКТИ -**

өзүнүн тиричилик же өндүрүш керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн, ошондой эле сатуу максатында электр энергиясын өндүрүү үчүн түрдүү энергия булактарынын (анын ичинде кайра жаралуучу) негизинде электр энергиясын өндүрүүчү менен керектөөчү тарабынан пайдаланылган объект.

Көмүртексиз экономикага ыкчам өтүү жана экономикалык өсүүгө дем берүү максатында энергиянын кайра жаралуучу булактарынын негизинде микрогенерацияны өнүктүрүү зарыл. Бул өз кезегинде парник газдарынын жана зыяндуу заттардын чыгындыларын, тармактардагы жоготууларды азайтууга, электр энергиясын үнөмдөөгө жана экологиялык көйгөйлөрдү чечүү маселесине жарандарды тартууга мүмкүндүк берет.

Энергиянын кайра жаралуучу булактарынын негизиндеги микрогенерацияны өнүктүрүү, жашыл энергетика тармагын жакшыртуу, ошондой эле генерациялоочу жаңы кубаттуулуктарды киргизүү аркылуу экономиканы туруктуу өнүктүрүү максатында **«Кыргыз Республикасындагы лицензиялык уруксат берүү тутуму жөнүндө»[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** кабыл алынды.

Бул Мыйзам энергиянын кайра жаралуучу булактары жаатындагы долбоорлорду ишке ашыруу боюнча бүгүнкү күндөгү тоскоолдуктарды эске алуу менен микрогенерация объекттеринин ишин лицензиялоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштелип чыкты.

**МЫЙЗАМДА ТӨМӨНКҮЛӨР КАРАЛГАН:**

- микрогенерация объекттеринде иштелип чыккан электр энергиясын сатууда жол-жоболорду жөнөкөйлөтүү;
- ата мекендик жана чет өлкөлүк инвесторлор үчүн энергиянын кайра жаралуучу булактары тармагынын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу;
- энергиянын кайра жаралуучу булактарынын негизинде микрогенерация объектилерине административдик негизсиз кысым көрсөтүүнү жеңилдетүү, иш менен камсыз болуу деңгээлин жогорулатуу;
- республиканын региондорунда жаңы өндүрүш жана заманбап технологияларды киргизүүгө түрткү берүү менен катар коңшу мамлекеттердин энергия системасынан электр энергиясын импорттоону кыскартуу.

[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 29-ноябрда кабыл алган. Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 27-декабрда кол койгон.

# ФЕРМЕРЛЕРДИ КОЛДОО

**470 000** ден ашык

фермер чарбасы



Айыл чарбасы элеттеги калктын жашоо-тиричилигинин негизги булагы болуп саналат жана ал 470 000ден ашык фермер чарбасын жана 700 000ден ашык кожолук чарбасын камтыган чакан өндүрүштүк системалардан турат.

Бирок, фермерлердин көпчүлүгүндө чакан (беш гектардан аз) гана жерлери болуп, алар айыл чарба тамак-аш азыктарынын наркын түзүүгө начар интеграцияланган. Фермерлер негизинен өсүмдүк өстүрүү жана мал багуу, ошондой эле үй багбанчылыгы менен алектенип, продукцияны көбүнчө ички керектөө үчүн өндүрүшөт.

Чакан өндүрүш, чарбакер субъекттердин материалдык-техникалык жана тоют базасынын начардыгы, системалуу селекция жана асыл тукум иштеринин жоктугу айыл чарба жаныбарларынын сапатынын начарлашына жана баалуу генетикалык дараметинин жоголушуна алып келди.

Материалдык-техникалык базанын эскириши жана жетишсиздиги эксперименталдык жумуштарды талаптагыдай деңгээлде жүргүзүүгө жана мамлекеттик сорт сыноо участоктору менен станцияларынын талааларында өстүрүлгөн келечектүү сорттордун жогорку репродукцияларынын үрөнүнүн көлөмүн көбөйтүүгө мүмкүндүк бербейт. Дыйканчылык институту жана анын ар кайсы райондордогу бөлүмдөрүнүн селекциялык үрөн чарбаларынын материалдык базасы, жалпысынан талапка жооп бербейт. Айрым этаптарда селекция жана үрөнчүлүк жумуштары колго жасалат.

Ушундан улам, агроазык-түлүк кластерлерин өнүктүрүү максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши **«2024-жылдын 16-апрелинде Вашингтон шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын (Дүйнөлүк банк) ортосундагы «Туруктуу агроазык-түлүк кластерлерин өнүктүрүү» долбоору боюнча каржылоо жөнүндө макулдашууну жана Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын (Дүйнөлүк банк) ортосундагы «Туруктуу агроазык-түлүк кластерлерин өнүктүрүү» долбоору боюнча гранттык макулдашууну ратификациялоо тууралуу»**[1] **Кыргыз Республикасынын Мыйзамын** кабыл алган.

IDA | International Development Association
WORLD BANK GROUP

кредит – **30 млн $;**
гранты – **5 млн $;**
кредиттин мөөнөтү – **12 жыл;**
жеңилдиги бар мезгил – **6 жыл;**
пайыз чени – **0%**.

долбоордун жалпы суммасы **35 млн $**

## ДОЛБООР 4 КОМПОНЕНТТЕН ТУРАТ:

**1-компонент:** агроазык-түлүк кластерлерин өнүктүрүүгө инвестициялар;
**2-компонент:** институт менен системаларды чыңдоо;
**3-компонент:** оперативдүү колдоо жана долбоорду башкаруу;
**4-компонент:** өзгөчө кырдаалдарга карата чара көрүү.

[1] Жогорку Кеңеш 2024-жылы 26-июнда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылы 23-июлда кол койгон.

КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

# ЖАРАТЫЛЫШТЫ САКТОО – КЕЛЕЧЕККЕ КАМ КӨРҮҮ



**«Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын жөнгө салуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарына ылайык, туризмди өнүктүрүүгө, экологиялык коопсуздукту жана климаттын туруктуулугун камсыз кылууга, ошондой эле биологиялык ар түрдүүлүктү жана экосистемаларды сактоого жана көбөйтүүгө арналган жаратылыш объекттерин туруктуу өнүктүрүү жана коргоо боюнча иш-чаралардын аткарылышына багытталган.

## БУЛ МЫЙЗАМ ТӨМӨНКҮДӨЙ МАКСАТТАРДЫ КӨЗДӨЙТ:

- Кыргыз Республикасынын аймагында экологияны сактоо жана жарандардын жашоо шарттарын жакшыртуу;
- айрым мөңгүлөргө жана кар күрткүлөрүнө өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары статусун ыйгаруу, аларды эсепке алуу, мониторинг жүргүзүү, корголушун жана пайдаланылышын көзөмөлдөө;
- өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын жалпы аянтын кеңейтүү менен Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине киргизилген жаныбарлар менен өсүмдүктөр дүйнөсүнүн айрым түрлөрүн сактап калуу;
- кошуна мамлекеттер менен биргеликте биологиялык ар түрдүүлүктү, уникалдуу жаратылыш комплекстерин жана бүтүндөй экосистемаларды сактап калуу максатында чек аралар аралык өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын түзүү жана аларга байланыштуу ар тараптуу иш-чараларды жүзөгө ашыруу;
- геологиялык парктарды түзүү жана ал жерлерде туризм инфратүзүмүн куруу менен катар туризм индустриясын өнүктүрүү;
- тарыхый-маданий мурас объекттерин коргоо, сактоо, сарамжалдуу пайдалануу жана аларды кийинки муундарга өткөрүп берүү;
- суу жаныбарларын, канаттууларды жана башка сүт эмүүчүлөрдү коргоо, сактоо жана аларга аяр мамиле жасоо үчүн алар байырлаган жерлер катары экологиялык жактан артыкчылыктуу (анын ичинде эл аралык) мааниге ээ болгон суулуу-саздак жерлерди түзүү.

**ГЕОЛОГИЯЛЫК ПАРК (ГЕОПАРК) –** жердин геологиялык тарыхы, жергиликтүү ландшафттардын түзүлүшү ачык көрүнүп турган, азыркы жана келечек муундар үчүн уникалдуу экологиялык мааниси, тарыхый, илимий жана башка баалуулугу болгон, региондун геологиялык мурасын таанууда коомчулуктун өзгөчө көңүлүн бурган флоранын жана фаунанын тарыхка чейинки объекттеринин калдыктары массалык тартипте сакталып калган өзгөчө корголуучу статусу бар регион.

[1] Жогорку Кеңеш 2024-жылы 24-апрелде кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылы 13-июнда кол койгон.




Кыргызстандын токойлорунун үчтөн экисинен көбү Мамлекеттик токой фондунун аймагында жайгашып, алардын аймагында 200 миңге жакын адам, ал эми аталган аймактан 5 км аралыкта бир канча эсе көп адам жашайт. Алар бул же тигил ыкма менен токой продуктуларын колдонот же токойду пайдалануунун ар кандай түрлөрүнө катышат.

Токойлордун болжол менен төрттөн бири, б.а. 277 миң гектары Мамлекеттик токой фондунун аймагынан тышкары жайгашкандыктан, алар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көзөмөлдөнбөйт, бирок жергиликтүү калк аларды активдүү колдонот. Кыргызстандын токойлору өлкөнүн масштабында гана эмес, регионалдык деңгээлде да экологиялык жактан чоң мааниге ээ. Андан сырткары, токой экосистемаларынын жаратылыш ресурстары өлкөнүн социалдык-экономикалык бакубаттуулугуна олуттуу таасир этет, ошондой эле жергиликтүү калкты тиричилик каражаттары менен камсыз кылат.

Адамдардын токойлорго болгон таасири жана басымы жыл сайын өсүп, кыйынчылыктарды жаратып, мындай кырдаал токойлорду натыйжалуу жана сарамжалдуу башкаруу үчүн принципиалдуу жаңы ыкмаларды колдонуу зарылдыгына алып келүүдө.


Ушундам улам, **«Кыргыз Республикасынын Токой кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** кабыл алынды, анда өлкөдө климаттын өзгөрүшүнө каршы күрөшүүгө жана экологияны сактоого шарт түзүүчү натыйжалуу укуктук, экономикалык жана саясий чараларды көрүү механизмдери каралган, токой экосистемаларынын экологиялык жана табигый тең салмактуулугун сактоо боюнча ченемдер каралган.

**АТАЛГАН МЫЙЗАМДЫН НЕГИЗГИ МАКСАТЫ:**

- токой чарбасынын өлкөнүн ички дүң продукциясына салымын 1%га чейин жогорулатуу;
- токойлорго же мамлекеттик токой фондунун аймагына жакын жашаган айыл калкынын жакырдык деңгээлин 10%га кыскартуу;
- токойлорду сактоо жана өлкөнүн токой каптаган аянтын 7%га чейин чоңойтуу;
- инновациялык токой чарбасын жүргүзүү технологияларын өркүндөтүү жана киргизүү.

[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 28-декабрда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылы 7-февралда кол койгон.

# КАМСЫЗДАНДЫРУУ ТӨГҮМДӨРҮ ЖӨНҮНДӨ



Азыркы учурда калктын бардык катмарлары үчүн пенсиялык системанын биримдиги экономиканын ар кандай тармактарында иш берүүчүлөрдүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн дифференцияланган чендерине карама-каршы келет, бул пенсиялык системанын актуардык жактан теңсиздигине алып келет.

Ушуга байланыштуу, Жогорку Кеңеш тарабынан **«Салык салуу жана социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** кабыл алынган, ал Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарын ишке ашырууга жана ири чет өлкөлүк капиталды тартуу боюнча чараларды көрүүгө багытталган.

[1] Жогорку Кеңеш 2024-жылы 20-июнда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылы 23-июлда кол койгон.

## БУЛ МЫЙЗАМДЫ ИШКЕ АШЫРУУДА ТӨМӨНКҮ МАКСАТТАРГА ЖЕТҮҮГӨ БОЛОТ:

– ишкердик субъекттеринин ортосунда жагымдуу атаандаштык чөйрөсүн түзүү;
– ишкердик субъекттери үчүн жагымдуу салыктык чөйрөнү калыптандыруу жана камсыздандырылган адамдардын мамлекеттик социалдык камсыздоого кызыкчылыгын жогорулатуу;
– камсыздандыруу төгүмдөрүн башкаруу жол-жоболорун жөнөкөйлөштүрүү;
– көмүскө секторду кыскартуу;
– салыктарды башкарууну өркүндөтүү;
– адилеттүү салык жүктөмүн түзүү;
– салык тобокелдиктерин, ишкердик иш жүргүзүүгө кеткен чыгымдарды кыскартуу;
– чет өлкөлүк ири капиталды жана эл аралык финансылык институттарды тартуу;
– финансы жана соода бүтүмдөрүн жүргүзүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;
– өлкө калкынын дене тарбия жана спорт менен машыгуусу үчүн шарттарды түзүү жана андан ары өркүндөтүү;
– өлкөнүн эл аралык спорт имиджин калыптандыруу жана чыңдоо;
– жергиликтүү ишкерлердин тышкы рынокторго чыгуусуна шарттарды түзүү.

## МЫЙЗАМДА ТӨМӨНКҮЛӨР КАРАЛГАН:

1) мамлекеттик социалдык камсыздандыруу бөлүгүндө айрым ишкердик субъекттери үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтеринин чендерин 27,25%дан 12,25%га чейин төмөндөтүү каралат, мында:
- 2,25%ы – иш берүүчү тарабынан төлөнөт;
- 10%ы – кызматкер тарабынан төлөнөт.

Ошону менен бирге, көрсөтүлгөн Мыйзам менен камсыздандыруу төгүмдөрүнүн чендеринин өзгөртүлүшү төмөнкүдөй категорияларга жайылтылбайт:
– мамлекеттик бюджеттен каржылануучу уюмдарга;
– жалпы мамлекеттик маанидеги жер казынасынын участокторун иштеткен жана жалпы мамлекеттик маанидеги жер казынасын пайдаланууга лицензиясы бар кен казып алуучу ишканаларга.

2) Эмгек, Салык кодекстерине жана Укук бузуулар жөнүндө кодекске тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен камсыздандыруу төгүмдөрүнөн алынган кирешелердин түшүп калуу тобокелдигин азайтуу боюнча административдик чаралардын комплекси каралган.

Бул өзгөртүүлөр системанын катышуучусу болгон бардык жарандар үчүн бирдей укуктарды камсыздоого, пенсиянын түзүлүшүнүн камсыздандырылуу принциптерин күчөтүү аркылуу пенсиялык камсыздандыруу системасынын адилеттүүлүгү менен натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган.

3) спортту өнүктүрүү боюнча:
– спорттун олимпиадалык түрлөрү боюнча улуттук курама командаларынын мүчөлөрүнө төлөнүүчү сыйлыктар киреше салыгын жана камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөдөн бошотулат;
– спортту өнүктүрүүгө арналган товарлар кошумча нарк салыгын жана сатуудан алынуучу салыкты төлөөдөн бошотулат.

4) чет өлкөлүк ири капиталды жана эл аралык финансы институттарын тартуу боюнча:
– ишкердик субъекттери тарабынан Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары ишмердик жүргүзүлгөндө (Кыргыз Республикасынын резиденттери аркылуу эл аралык соода бүтүмдөрү боюнча) 3%дык чен менен пайда салыгын салуу каралат;
– Кыргыз Республикасындагы туруктуу мекеме менен байланышпаган чет өлкөлүк уюмдун дивиденддерине (тышкы экономикалык иштен түшкөн пайдага) 0%дык чен жана бул иштен алынган дивиденддерди киреше салыгынан бошотуу каралат.

5) угуусу боюнча III топтогу майыптыгы бар жалданма кызматкерлер үчүн киреше салыгы 5% өлчөмүндө белгиленет.

# ТЕХНОПАРКТАР ЖӨНҮНДӨ

**ТЕХНОЛОГИЯЛЫК ПАРК (ТЕХНОПАРК)**

Мыйзамда каралган тартипте түзүлгөн, өз ишинде илимий-изилдөө компонентине ээ жана инновациялык ишкердикти жүзөгө ашыруу, инновациялык жана венчурдук долбоорлорду жүзөгө ашыруу максаты бар, илимий билимдерди, иштелмелерди жана ойлоп табууларды, ноу-хау жана илим камтылган технологияларды коммерциялык өздөштүрүүгө жана аларды рынокто, анын ичинде илимий-техникалык продукциянын эл аралык рыногунда илгерилетүүгө багытталган мекеме же чарбалык коом формасындагы юридикалык жак.

Бүгүнкү күндө мамлекеттин өнүгүүсү энергетика жана тоо-кен тармактары менен гана чектелбеши керек. Анткени Кыргызстандын экономикалык өнүгүүсү жана анын регионалдык жана дүйнөлүк аренадагы орду экономикалык өсүүнүн жаңы ыкмаларын колдонуудан, айрыкча интеллектуалдык потенциалга негизделген тармактарды өнүктүрүүдөн көз каранды экендиги шексиз. Ошондуктан, экономиканын жаңы технологияларга негизделген инновациялык түрлөрүн өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл буруу керек. Мамлекеттик колдоонун натыйжалуу формаларынын бири болуп технопарктарды (инновациялуу борборлорду) уюштуруу жана өнүктүрүү саналат.

Технопаркттар мамлекеттин заманбап экономикасында жана илимий изилдөөлөрүндө негизги ролду ойнойт, илим менен бизнестин кызматташуусу үчүн аянтча түзөт, жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын трансформациялоого түрткү берет жана заманбап экономиканын кыймылдаткычы болгон инновациялык продуктуларды өндүрүүгө жана жайылтууга дем берет.

Технопарктар ишканалардын алдыңкы илимий изилдөөлөрдү жана иштелмелерди, лабораториялык жабдууларды жана тажрыйбалуу адистерди табуусуна көмөк көрсөтөт. Бул жаңы технологияларды иштеп чыгууга кеткен



убакытты жана чыгымдарды бир кыйла кыскартууга өбөлгө түзүп, дүйнөлүк рынокто атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү жогорулатат.

Технопарктарды түзүү, алардын иштеши жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашырууда мамлекет технопарктардын резиденттери менен дирекцияларынын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргойт.

Жогоруда белгиленген стратегиялык маанилүү шарттарды эске алуу менен, Жогорку Кеңеши тарабынан **«Технологиялык парктар жөнүндө»[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** кабыл алынды.

**БУЛ МЫЙЗАМ ТЕХНОПАРКТАРГА ЖАНА ТЕХНОПАРКТАРДЫН РЕЗИДЕНТТЕРИНЕ КӨРСӨТҮЛҮҮЧҮ МАМЛЕКЕТТИК КОЛДООНУН ТӨМӨНКҮДӨЙ ЧАРАЛАРЫН БЕЛГИЛЕЙТ:**

1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда республикалык жана/же жергиликтүү бюджеттерден субсидияларды берүү;
2) мамлекеттик жана муниципалдык мүлктү ижарага берүү;
3) өзгөчө укуктары Кыргыз Республикасына таандык болгон интеллектуалдык менчик объекттерин пайдалануу укуктарын, ошондой эле укук ээсинин макулдугу менен мындай объекттерге карата укуктарды тартуулоо;
4) республикалык же муниципалдык мүлктү, анын ичинде республикалык же муниципалдык бюджеттин каражаттарын технопарктардын резиденттери болуп саналган ачык акционердик коомдордун уставдык капиталына салым катары киргизүү;
5) Кыргыз Республикасынын салык жана бажы мыйзамдарында каралган салык салууда жана башка төлөмдөрдү төлөөдө преференцияларды белгилөө;
6) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын маалымат системаларына киргизилген документтерде камтылган технопарктарды өнүктүрүүгө байланышкан маселелер боюнча маалыматтарды берүү;
7) технопарктарды өнүктүрүү үчүн зарыл болгон тышкы экономикалык байланыштарды түзүүгө көмөк көрсөтүү;
8) Кыргыз Республикасынын технопарктар чөйрөсүндөгү мыйзамдарын өркүндөтүү.

[1] Жогорку Кеңеш 2024-жылы 12-июнда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылы 23-июлда кол койгон.

# СОТ-УКУК ЧАРАЛАРЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН ЖАҢЫ ТҮРҮ (САНАРИПТЕШТИРҮҮ)



Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматынын Түзөтүү мекемелерин кайтаруу, соттолгондорду жана камакка алынган адамдарды конвой менен коштоп жүрүү боюнча департаментинин 2022-жылдагы статистикалык маалыматына ылайык, Бишкек шаарынын аймагында соттолгондордун жана камакка алынгандардын саны 13348 адамды түздү.

2022-жылы 10923 сот отуруму болуп, анын ичинен 10289 сот отурумуна айыпталуучулар жана шектүүлөр жеткирилген, ал эми видеоконференция байланышы режиминде 634 сот отуруму өткөрүлүп, бул жалпы сот отурумдарынын 6% гана түзгөн.

Сот отурумдарын онлайн форматка өткөрүү бюджеттик каражаттардын чыгымдарын гана азайтпастан, жалпысынан чыр-чатактуу жана күтүлбөгөн кырдаалдардын келип чыгуу тобокелдиктерин төмөндөтүп, соттук териштирүүлөрдүн түздөн-түз катышуучуларынын коопсуздугун дагы камсыз кылат.


Мына ушул максатта Жазаларды аткаруу кызматы тарабынан бүгүнкү күндө айрым чаралар көрүлдү, атап айтканда, сот отурумдарын онлайн (видеоконференция байланышы) режиминде өткөрүү үчүн тиешелүү жабдуулар орнотулду жана конфигурацияланды, жазык-аткаруу системасынын жабык мекемелеринин 22 сурак бөлмөсү тиешелүү жабдуулар менен камсыздалды.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Жогорку Кеңеши тарабынан **«Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** кабыл алынды.

Аталган Мыйзамга ылайык, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине электрондук жана башка техникалык көзөмөлдөө каражаттарын колдонуу аркылуу электрондук байкоо жүргүзүү түрүндөгү бөгөт коюу чарасынын жаңы түрү киргизилген.

Мындай чара көрүү айыпталуучуну кылмыштуу идеологиянын таасиринен коргоого мүмкүндүк берет, ошондой эле кылмыштуу жүрүм-турумга бөгөт коюунун натыйжалуу каражаты, рецидивизмди азайтуунун жана коомдук коопсуздукту жогорулатуунун инструменти катары кызмат кылат.

Электрондук байкоо жүргүзүү айыпталуучунун качып кетиши же коомго коркунуч келтириши мүмкүн деп саналган учурларда пайдалуу болот, анткени ал ыйгарым укуктуу органга айыпталуучуну реалдуу убакыт режиминде табууга жана көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет.




[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 27-декабрда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылы 16-февралда кол койгон.



# ЖКЭ БУЗУУЛАРДЫН ~~АЙЫП ТУУМДАРЫ~~ ЖОЮЛДУ

социалдык-экономикалык абалын жеңилдетүү жана мамлекеттик органдарга болгон ишеним деңгээлин жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан **«Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексине, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»**[1] **Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** кабыл алынган.

Мыйзамда автомототранспорт жана электротранспорт кыймылынын жана аларды эксплуатациялоонун коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы укук бузуулар боюнча салынган айып пулдун өлчөмүнүн суммасына кошулуп эсептелүүчү туумду алып салуу тууралуу ченемдер каралган.



Автомототранспорт жана электротранспорт кыймылынын жана аларды эксплуатациялоонун коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы укук бузуулар боюнча салынган айып пулдун өлчөмүнүн суммасына кошулуп эсептелүүчү туумду алып салуу тууралуу жарандардын кайрылуулары жылдан жылга көбөйүп жатат.

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин маалыматына ылайык, 2022-жылы укук бузуу жөнүндө 870376 токтом түзүлүп, 1 млрд 191 млн 958 500 сом суммасындагы айып пул салынган болсо («Коопсуз шаар» АПКсын кошпогондо), алардын ичинен 505320 токтом боюнча 476 млн 751 320 сом суммасында айып пул төлөнгөн.

Жогоруда төлөнгөндөрдүн ичинен 382929 укук бузуу жөнүндө токтом арзандатуу менен төлөнгөн (140 млн 151 250 сом суммасында) жана бул 75,8%ды түзөт.

60 миң укук бузуу жөнүндө токтом менен салынган айып пул туумду кошо эсептөө жөнүндөгү токтом чыкканга чейин ыктыярдуу түрдө төлөнгөн (303 миллион 500320 сом суммасында), бул 11,8%ды түзөт.

62391 укук бузуу жөнүндө токтом тууму менен төлөнгөн (суммасы 33 млн 99750 сом), бул 12%ды түзөт.

Ошентип, чыгарылган укук бузуу жөнүндө токтомдордун жалпы санынын 7,1%ы тууму менен төлөнгөн.

Ушуга байланыштуу, жарандарыбыздын

[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 21-декабрда кабыл алган, Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылы 8-февралда кол койгон.

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ПАРЛАМЕНТТЕР АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫГЫ

- Россия Федерациясы - 15
- Азербайжан Республикасы - 8
- Түркия Республикасы - 5
- Казакстан Республикасы - 5
- Өзбекстан Республикасы- 4
- Бириккен Араб Эмираттары - 3
- Беларусь Республикасы - 2
- Улуу Британия жана Түндүк Ирландия - 2
- Австрия - 2
- Армения - 1
- Мажарстан - 1
- Румыния - 1
- Грузия - 1
- Тажикстан Республикасы - 1
- Корея Республикасы - 1
- Монголия - 1
- Индонезия - 1
- Япония - 1
- Кытай Эл Республикасы -1
- Бельгия- 1

### Жогорку Кеңештин депутаттарынын чет өлкөлөргө болгон иш сапарлары
(иш сапарларынын саны)

- Ата-Журт Кыргызстан - **35**
- Ишеним - **18**
- Ынтымак - **12**
- Альянс - **10**
- Бүтүн Кыргызстан -**10**
- Ыйман Нуру - **11**
- Мекенчил - **20**
- Элдик - **12**
- Депутаттар* - **12**

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНЫН ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ДЕЛЕГАЦИЯЛАР МЕНЕН ЖОЛУГУШУУЛАРЫ

- **5** чет өлкөлүк мамлекет жана өкмөт башчылары
- **9** парламенттин спикерлери
- **5** башка делегациялар
- **8** чет мамлекеттин элчилери
- **2** эл аралык уюмдун өкүлдөрү
- **1** чет өлкөлүк парламенттин депутаттары

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ПАРЛАМЕНТТЕР АРАЛЫК УЮМДАР МЕНЕН КЫЗМАТТАШТЫГЫ

| Уюм | Саны |
|---|---|
| Азия Парламенттик Ассамблеясы (APA) | 1 |
| Азиянын суу боюнча Парламенттер аралык консультациялык кеңеши (AAWC) | 1 |
| Курчап турган чөйрөнү коргоо жана өнүктүрүү боюнча Азия-Тынч океан парламентарийлеринин конференциясы (APPCED) | 1 |
| ЕККУ Парламенттик Ассамблеясы (ЕККУ ПА) | 3 |
| Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясы (ЕКПА) | 4 |
| Жамаатык Коопсуздук жөнүндө Келишим Уюмдарынын Парламенттик Ассамблеясы (ЖККУ ПА) | 5 |
| Түрк тилдүү өлкөлөрдүн Парламенттик Ассамблеясы (ТүркПА) | 6 |
| КМШ Парламенттер аралык Ассамблеясы (КМШ ПАА) | 22 |



## ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ

**Расмий сапар, 2023-жылдын 27-сентябры.**

**Эки тараптуу жолугушуулар:**
• Өзбекстан Республикасынын Президенти Ш. Мирзиёев менен;
• Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин Сенатынын Төрайымы А. Нарбаева менен;
• Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин Мыйзам чыгаруу палатасынын Төрагасы Н. Исмаилов менен.

## БЕЛАРУСЬ РЕСПУБЛИКАСЫ

**Расмий сапар, 2023-жылдын 4-октябры.**

**Эки тараптуу жолугушуулар:**
• Беларусь Республикасынын Президенти А. Лукашенко менен;
• Беларусь Республикасынын Улуттук Жыйынынын Республикалык Кеңешинин Төрайымы Н. Кочанова жана өкүлдөр палатасынын Төрагасы В. Андрейченко менен.

## МАЖАРСТАН

**Расмий сапар, 2024-жылдын 12-13-февралы.**

**Эки тараптуу жолугушуулар:**
• Мажарстандын Президентинин милдетин аткаруучу, Улуттук Ассамблеянын Төрагасы Л. Кёвер менен.



## УЛУУ БРИТАНИЯ

**Расмий сапар, 2024-жылдын 5-6-марты.**

**Эки тараптуу жолугушуулар:**
• Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Парламентинин Общиналар Палатасынын Төрагасы Л. Харви Хойл менен;
• Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Парламентиндеги Кыргызстан боюнча партиялар аралык парламенттик топтун төрагасы Р. Стюарт менен;
• Улуу Британиянын Тышкы иштер боюнча мамлекеттик министри Т. Ахмад менен.



## МОНГОЛИЯ

**Расмий сапар, 2024-жылдын 23-24-апрели.**

**Эки тараптуу жолугушуулар:**
• Монголиянын Президенти Ухнаагийн Хурэлсух менен;
• Монголиянын Улуу Мамлекеттик Хуралынын (Парламентинин) Төрагасы Гомбожавын Занданшатар менен;
• Монголиянын Премьер-министри Лувсаннамсрайн Оюун-Эрдэнэ менен.

## АВСТРИЯ РЕСПУБЛИКАСЫ

Расмий сапар, 2024-жылдын 16-майы.

Эки тараптуу жолугушуулар:
• Австрия Республикасынын Улуттук Кеңешинин Төрагасы В. Соботка менен.




## КОРЕЯ РЕСПУБЛИКАСЫ

«Борбордук Азия - Корея» мамлекеттеринин парламенттеринин төрагаларынын кеңешмесине катышуу үчүн иш сапары, 2023-жылдын 19-сентябры.

Эки тараптуу жолугушуулар:
• Корея Республикасынын Улуттук Ассамблеясынын Төрагасы Ким Чжин Пхё менен.

## РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫ

Жамаатык коопсуздук жөнүндө келишим уюмунун Парламенттик Ассамблеясынын кезектеги жыйналышына катышуу үчүн иш сапары, 2023-жылдын 19-декабры.

## КАЗАКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ

Жамаатык коопсуздук жөнүндө келишим уюмунун Парламенттик Ассамблеясынын кезектеги жыйналышына катышуу үчүн иш сапары. Бул иш-чаранын алкагында парламенттердин төрагалары Казакстан Республикасынын Президенти К-Ж. Токаев менен жолугушкан, Алматы шаары, 2024-жылдын 2-3-июну.

## АЗЕРБАЙЖАН РЕСПУБЛИКАСЫ

Расмий сапар, 2024-жылдын 4-5-июну.

Эки тараптуу жолугушуулар:
• Азербайжан Республикасынын Президенти И. Алиев менен;
• Азербайжан Республикасынын Милли Межлисинин Төрайымы С. Гафарова менен.

Түрк мамлекеттеринин Парламенттик Ассамблеясынын Кеңешинин жыйналышына катышуу үчүн иш сапары, ага Түркиянын Улуу Улуттук Жыйынынын Төрагасы Н. Куртулмуш, Азербайжан Республикасынын Милли Межлисинин Төрайымы С. Гафарова жана Казакстан Республикасынын Парламентинин Межлисинин Төрагасы Е. Кошанов катышкан, Баку шаары, 2024-жылдын 6-июну.

**214**
аккредиттелген журналисттер

**15**
телеканал

**25**
маалымат агенттиги

**2**
радио

**8**
басылма

**17**
чет өлкөлүк ЖМКлар

### Жогорку Кеңештин телерадиоберүүлөрү

- «Парламент»
- Комитеттердин жана фракциялардын жыйындары түз эфирде
- ЖК жыйындары түз эфирде
- «Эл өкүлү эл менен» теледолбоору
- Фотокөргөзмөлөр
- Документалдык тасмалар

- Жаңылыктар
- «Фракциялар радио эфирде»
- «Комитеттер радио эфирде»
- «Күн тартибинде»
- «Парламент»
- ЖК жыйындары түз эфирде

ТВ
КТРК
ЭлТР
7-канал

90,2 - 107,7 FM



| Депутаттар менен студияда баарлашуу | Пресс-релиздер | Мыйзам долбоорлору коомдук талкууда |
|---|---|---|
| 12 | 3500дөн ашуун | 110 |

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШКЕ ЭКСКУРСИЯЛАР




## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН САЙТЫ

**201 068**
web-сайтка киргендердин саны

**1 500 101**
web-сайтты көргөндөрдүн саны

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШ СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТАРДА



@jogorkukenesh — **26 000** жазылгандар

Жогорку Кенеш — **81 100** жазылгандар

@kenesh_kg — **573** жазылгандар

Жогорку Кенеш — **37 480** жазылгандар

@zhogorkukenesh — **1 735** жазылгандар

## БЕЛГИЛӨӨЛӨР ҮЧҮН

**Жогорку Кеңештин**
**VII чакырылышынын**
**3-сессия мезгилиндеги**
**иши жөнүндө отчетун даярдоо боюнча**
**жумушчу топ**

| | |
|---|---|
| **Э.Р. Эшенкулова** | – Жогорку Кеңештин Аппарат Жетекчисинин биринчи орун басары, жумушчу топтун жетекчиси |
| **А.А. Джакшылыкова** | – Парламентти жана демократияны өнүктүрүү борборунун директору, жумушчу топтун жетекчисинин орун басары |
| **М. Орозобек уулу** | – Юридикалык бөлүмдүн сектор башчысы |
| **М.М. Нурматов** | – Экспертизаларды жүргүзүү бөлүмүнүн эксперти |
| **А.Р. Базарбаева** | - Парламентти жана демократияны өнүктүрүү борборунун эксперти |
| **Н.И. Коновалов** | – Графикалык дизайнер |



Отчет Кыргыз Республикасындагы БУУӨПтүн колдоосу менен даярдалды.

Бул басылмада берилген ойлор Бириккен улуттар уюмунун, Бириккен улуттар уюмунун Өнүктүрүү программасынын, анын программа/долбоорлорунун же өкмөттөрдүн көз-караштарын чагылдырууга тийиш эмес. Колдонулган белгилөөлөр кандайдыр бир өлкөнүн, территориянын же аймактын же алардын чек-араларынын укуктук статусуна тиешелүү көз-караштарды чагылдырбайт.